Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын төлөө балансы

2003–жыл

2004–жылдын бугу айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрагасы: | Л. Цыплакова. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | С. Абдыбалы тегин, |
| | Г. Дыйканбаева, |
| | З. Чокоев, |
| | Н. Тынаев, |
| | Ю. Бушман. |
| Жооптуу катчысы: | Д. Эсеналиев. |

Ушул басылманы даярдаган кызматкерлер:
Д. Эсеналиев, Ж. Эралиев, Н. Имаралиева, А. Курманалиева, М. Саткеева, Э. Байжуманов.

Уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн.
Катталган күбөлүгүнүн № 605.
© Улуттук банк, 2004. Басылмадан шилтемелерди келтирүүгө жана аны көчүрүп басууга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты жана тиешелүү булактарын көрсөтүү менен гана жол берилет.
"Кыргыз Республикасынын Банк кабарчысы" журналынын редакциясынын басма борборунда басылат.

“Кыргыз Республикасынын банк кабарчысы” Жоопкерчилиги чектелген коомунун басма борборунда басылат.
720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265, КР Илимдер Академиясынын Биология Институтунун имараты, 3-кабат, 354, 355 бөлмөлөр.
Тел: (312) 65-76-93, 24-38-01.
Факс: (312) 65-76-93.

## *Кыргыз Республикасынын төлөө балансы*

Кыргыз Республикасынын төлөө балансы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарбаынан даярдалган. Басылма тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденцияларды чагылдырат жана төлөө балансы, тышкы соода, эларалык резервдер, тышкы карыз жана эларалык инвестициялык позиция, ошондой эле төлөө балансын түзүүнүн ыкмаларын, маалымат базасын камтыйт. Басылма жылына 4 жолу - үчтүн айында, бугу айында, теке айында, тогуздун айында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

**Ушул басылма үчүн маалыматтарды жаңыртуунун акыркы күнү:** 2004-жылдын бугу айынын жыйырмасы эсептелинет.

**Шарттуу белгилер:**

... маалыматтардын жоктугун билдирет;
— цифралар 0 (нөлгө) барабар же анча чоң эмес экендигин билдирет;
- жылдардын же айлардын аралыгы (мисалы,1994-1996-жж. же январь-июнь) көрсөтүлгөн чектүү даталардын же айлардын ортосундагы бардык жылдар жана айлардын камтылгандыгын түшүндүрөт.

Цифралардын тегеректелишинен улам, аларды суммалоодо акыркы бөлүктө дал келбөөчүлүктөрдүн келип чыгышы мүмкүн.

Бул басылмада пайдаланылган эсепке алуу ыкмаларына же түпкүлүктүү маалыматтарга өзгөртүлөрдүн киргизилишине байланыштуу мурда жарыяланган маалыматтарга, демек беш жыл аралыгындагы маалыматтарга ондоолор киргизилиши ыктымал.

Мына ушул басылма боюнча маалымат алуу үчүн
(3312) 66-90-57, 66-90-56 телефондору боюнча,
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө,101,
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Экономика Башкармалыгынын Төлөө балансы бөлүмү
дарегине кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: nimaralieva@nbkr.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Жылдык отчет Улуттук банктын отчеттук жылдагы бүткөргөн иши жөнүндөгү толук баяндамасы болуп саналат. Ал өзүнө экономиканын реалдуу секторунун иштеп турушунун өзгөрүшүнүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акчакредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдырат. Өзүндө: экономикалык өнүгүү жана акчакредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Кыргыз Республикасынын реалдуу сектор, финансы сектору, тышкы сектор боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, баалар боюнча маалыматтары жана социалдык көрсөткүчтөр "Улуттук банктын бюллетенинде" камтылат. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Экономика Башкармалыгынын экономикалык изилдөөлөр жана анализдөө бөлүмү тарабынан даярдалат. Аны түзүүдө Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык банктардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитетинин, Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар боюнча Улуттук комиссиясынын маалыматтары пайдаланылат. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылмада инфляция, аны түзүүчүлөр, региондор боюнча инфляциянын динамикасына түшүндүрмөлөр жана бүтүндөй алганда, инфляция факторлорун анализдөө жана келерки кварталга инфляция боюнча болжолдоолор камтылат. Квартал сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк системасынын өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары Кыргызстандын банк системасынын өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды аныктоо, ошондой эле банк системасынын турукташуусунун составдык элементтерине баа берүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасынын максаты. Басылма жылдын үчтүн айынын бирине жана теке айыны бирине карата абал боюнча кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актылары***
Коммерциялык банктарга жана коомчулукка маалыматтарды берип туруу үчүн Улуттук банктын нормативдик актыларын расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасындагы банктык мыйзам актыларды пропагандалоо басылманын негизги масаты болуп саналат. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
"Улуттук банктын пресс-релизи" Улуттук банкта жума ичиндеги болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногу боюнча негизги маалыматтарды камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде басылып чыгарылат.

Бардык басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-барагында http://www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| АӨ | - Алыскы четөлкөлөр |
| АКУ (СПЗ) | - Атайы карыз алышуу укугу |
| АКЖО (ОДКР) | - Акчакредиттик жөнгө салуу органдары |
| БАЭ | - Бириккен Араб Эмираттары |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ДСУ | - Дүйнөлүк соода уюму |
| ЕБРР | - Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ЕШК | - Европа Шериктештиги Комиссиясы |
| ЖТК | - Жалпы тышкы карыз |
| ИДП | - Ички дүң продукциясы |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| КБИ | - Керектөө бааларынын индекси |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| КМШ | - Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине кирген өлкөлөр |
| МБИ | - Мамлекеттик бажы инспекциясы |
| МИП | - Мамлекеттик инвестиция программасы |
| МКВ | - Мамлекеттик казна векселдери |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз. Өзүндө, белгилүү бир датага Кыргыз Республикасынын кредиторлору-резидент эместери алдындагы Кыргыз Республикасынын тышкы мамлекеттик займдары же башка карыздык милдеттенмелери боюнча иштетилген жана орду жабылбаган сумманы чагылдырат |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ПРГФ | - Жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүү жана экономиканын өнүгүүсүн турукташтыруу боюнча механизм |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ТЖ | - Техникалык жардам |
| ТЭИТН (ТНВЭД) | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| ТРжКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| ФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чек арасындагы баа. Ал өзүнө экспортер-өлкөнүн чек арасына чейинки товарлардын наркы б.а. өндүрүүчүлөрдүн баалары, соодалык бааны котоору (наценка), экспортер-өлкөнүн чек арасына чейнки транспорттук ташуулардын наркын, эл аралык транспорттун кайсыл болбосун түрү менен ташуунун наркын, экспорттон алынуучу кайсыл болбосун салыктарды камтыйт. |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чек арасындагы баа. Өзүнө: а) ФОБдун баасы боюнча товарлардын наркы, б.а. ушул товарларды экспорттоочу өлкөнүн чек арасына чейинки наркын; б) транспорттук ташуулардын наркы жана экспортер-өлкөнүн чек арасынан импортер-өлкөнүн чек арасына чейинки камсыздандыруунун наркын камтыйт |
| ЭВФ | - Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эл аралык стандарттык товардык классификация |
| ТЧИ | - Тике чет өлкө инвестициялары |

## Мазмуну


**Улуттук банктын Төрагасынын сөзү ........ 7**

**1. Төлөө балансынын өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар........ 8**

**2. Күндөлүк операциялардын счету........ 12**

Кыргыз Республикасынын соода балансы........ 12

Товарлардын экспортунун жана импортунун товардык структурасы........ 12

Экспортунун товардык структурасы........ 12

Импортунун товардык структурасы........ 14

Негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөр менен тышкы соода........ 15

Эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансы........ 19

Кирешелер........ 20

Күндөлүк трансферттер........ 21

**3. Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби........ 23**

Капитал менен операциялардын эсеби........ 23

Финансылык эсеп........ 23

Тике инвестициялар........ 23

Портфелдик инвестициялар........ 24

Финансылык деривативдер........ 24

Жана башка инвестициялар........ 24

Каржылоо жана эларалык резервдердин деңгээли........ 25

**4. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы........ 26**

Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын структурасы........ 26

Республиканын 1993-жылдан тартып тышкы карызынын өзгөрүүсүнүн динамикасы........ 27

**5. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясы........ 31**

**1-тиркеме. Таблицалар жана графиктер........ 35**

1.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөө балансы (нейтралдык түрдө берүүдө)........ 36

1.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү........ 44

1.3- таблица. ЭСТК бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү........ 44

1.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү........ 45

1.5-таблица. ЭСТК бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү........ 45

1.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү........ 46

1.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү........ 46

1.8-таблица. Товарлардын жеке адамдар тарабынан жүзөгө ашырылган экспорту........ 46

1.9-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү........ 47

1.10-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү........ 47

1.11-таблица. Товарлардын жеке адамдар тарабынан жүзөгө ашырылган импорту........ 47

1.12-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту........ 48

1.13-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту........ 50

1.14-таблица. Баанын жана сандын экспорттун көлөмүнө тийгизген таасири........ 52

1.15-таблица. Баанын жана сандын импорттун көлөмүнө тийгизген таасири........ 53

**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү........ 54**

1.16-таблица. Россияга товарлардын экспорту........ 54

1.17-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту........ 55

1.18-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту....56
1.19-таблица Белорусияга товарлардын экспорту....57
1.20-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту....58
1.21-таблица. Кытайга товарлардын экспорту....59
1.22-таблица. АКШга товарлардын экспорту....60
1.23-таблица. Түркияга товарлардын экспорту....61
1.24-таблица. Германияга товарлардын экспорту....62
1.25-таблица. Улуу Британияга товарлардын экспорту....63
1.26-таблица. БАЭ товарлардын экспорту....64
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү....65**
1.27-таблица. Россиядан товарлардын импорту....65
1.28-таблица. Казакстандан товарлардын импорту....66
1.29-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту....67
1.30-таблица. Белорусиядан товарлардын импорту....68
1.31-таблица. Кытайдан товарлардын импорту....69
1.32-таблица. АКШдан товарлардын импорту....70
1.33-таблица. Германиядан товарлардын импорту....71
1.34-таблица. Түркиядан товарлардын импорту....72
1.1-график. Алмашуу курсу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси....73
1.35-таблица. Номиналдык жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери....74
1.36-таблица. Кыргыз Республикасына тике инвестициялардын таза агымынын географиялык структурасы....76
1.37-таблица. Эларалык резервдер....76
**II-тиркеме: Кыргыз Республикасынын төлөө балансын түзүү ыкмасы....77**
**III-тиркеме: Реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөө ыкмасы....84**
**IV-тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөмдөрдүн багытын эсепке алуу системасы....86**
**V-тиркеме: Тышкы карызды мүнөздөгөн, коэффициенттерди эсептөө ыкмасы....88**
**VI-тиркеме: Эларалык инвестициялык позицияны түптөө ыкмасы....89**

# УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Улуттук статистика комитети менен бирдикте Кыргыз Республикасынын төлөө балансын түзүү боюнча ишти баштагандыгына он жыл толду. Учурда, маалыматтарды чогултуу жана аларга баа берүү системасы төлөө балансын түзүү сыяктуу эле туруктуу өнүгүү нугуна салынгандыгы коюлгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Ушул жылдардын аралыгында маалыматтардын негизги булактары аныкталып, ишканаларды иликтөө үчүн отчеттуулуктун жана айрым статьяларга баа берүү ыкмаларынын формалары иштелип чыгып, колдонууга киргизилген, банктарда операциялар боюнча эсепке алуу системасы ишке киргизилип, 1997-жылдан тартып ушул басылма жарыяланып келүүдө. Кыргызстандын 2004-жылдын бирдин айында ЭВФтин маалыматтарды таркатуу Атайы стандарттарына кошулуусу республиканын статистикасынын эларалык деңгээлге шайкеш келүүсүнүн белгиси катары кароого болот, анда төлөө балансы жана эларалык инвестициялык позиция анын составдык бөлүгүн түзөт.

Төлөө балансынын статистикасын түзүүдө ар кандай мүнөздөгү кыйынчылыктар жана проблемалар дале болсо орун алып келүүдө, бул Кыргызстандын экономикасындагы структуралык өзгөрүүлөр сыяктуу эле рыноктордун глобалдашуусунун чиеленишкен натыйжасы. Учурда орун алып жаткан көйгөйлүү маселе катары четөлкөлөрдө иштеп жаткан кыргыз жарандарынын которууларын, мамлекеттик эмес секторго техникалык жардамдарды жана жеке сектордун тышкы дүйнө менен финансылык мамилелеринин толук эсепке алынбай жатышын белгилеп кетүү зарыл.

Басылманын ушул чагарылышында Улуттук банктын сыяктуу эле Улуттук статистика комитетинин кызматкерлеринин эмгегинин натыйжасын сунуш кылуу менен биз, коомчулукту экономиканын тышкы секторунун өнүгүшү жөнүндөгү объективдүү маалыматтар менен мүмкүн болушунча камсыз кылуу максатын көздөйбүз. Албетте, ушул басылманын маалыматтарын ачык көрсөтүү жана берүүгө тиешелүү сунуштар боло турган болсо аны сөзсүз түрдө эске алуу менен окурмандарга ыразычылыгыбызды билдиребиз. Улуттук банк ушул багытта пикир алышууга айрыкча көңүл бөлөт жана жарыяланып жаткан маалыматтардын сапатынын жакшыруусу үчүн болгон бардык тиешелүү кадамдарды жасайт.

Улуттук банктын Төрагасы      У.К. Сарбанов

# 1. ТӨЛӨӨ БАЛАНСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ АКЫРКЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Кыргыз Республикасынын 2003-жыл үчүн төлөө балансы бир катар базалык көрсөткүчтөрдүн позитивдүү өзгөрүүлөрүн чагылдырат. Күндөлүк счеттун тартыштыгы өзүнүн төмөндөөсүн уланткан, экспорттун жана импорттун арымдуу өсүшү байкалган, республикага трасферттордун агылып кирүүсү өскөн. Тике четөлкө инвстицияларынын таза алыгып кирүүсү олуттуу жогорулаган жана биринчи жолу резидент эместерден тартылган кредиттик ресурстардын төмөндөгөндүгү катталган. Эларалык дүң резервдер да олуттуу өсүшкө ээ болгон.

Күндөлүк операциялар счетунун тартыштыгы 2003-жылы 25,6 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ИДПга карата 1,3 пайзга барабар (2002-жылы 1,7 пайыз). Күндөлүк счеттун жакшыруусуна кызмат көрсөтүүлөр экспортунун өсүшү жана четөлкөлөрдө иштеп жаткандардын республикага которуулары боюнча каражаттын агылып кирүүсүнүн жогоруулоосу менен шартталган.

ФОБ баасындагы соода балансы терс сальдодо түптөлүү менен 82,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагы тышкы соода тартыштыгынан 53 пайызга артып турат. Товарлардын экспорту 18,5 пайызга, ал эми импорт 21,9 пайызга өскөн. Демек, өлкөнүн соода жүгүртүүсүнүн өсүшү 20,3 пайызды түзгөн. Экспорттун жогорулоосу алтынга баанын жогору болушу жана КМШ өлкөлөрү тарабынан башка товарларга суроо-талаптын өсүшү менен шартталган. Иморттун жогорулоосу керектөө жана инвестициялык суроо-талаптын артышына жараша жүргөн. Республиканын соода шарттары жакшырган - 2003-жыл үчүн экспорттун сыяктуу эле, импорттук баалардын түшүшү мүнөздүү болгон, бирок, импортко орточо баа 37 пайыга төмөндөгөн учурда экспорттук баа 13 пайызга төмөндөгөн.

Эларалык кызмат көрстүүлөр балансы биринчи жолу 2003-жылы 7 млн. АКШ доллары суммасында оң түптөлгөн. Бул, мамлекеттик кызмат көрсөтүү жана туризм сыяктуу экспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүнүн эсебинен сыяктуу эле, стратегиялык эсепке алуу жана камтуунун жакрышынын эсебинен да жүргөн. Бүтүндөй алганда, резидент эместер тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү 9,1 пайызга жогорулаган, ал эми импорт 0,3 пайызга төмөндөгөн. Импорттолуп жаткан кызмат көрсөтүүлөөрдүн ичинен курулуш, финансылк жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрү төмөндөгөн.

Адаттагыдай эле, "Кирешелер" статьясы боюнча тартыштык орун алган жана ал 2002-жылдагы 9,8 пайыздык көрсөткүчтөн артып туруу менен 61,7 млн. АКШ долларын түзгөн, Тартылган кредиттер боюнча төлөөгө кирешелер төмөндөгөн, ал эми эмгекке төлөөнүн терс балансы 4 пайызга жогорулаган.

Күндөлүк трансферттер боюнча оң баланс 2003-жылы төрттөн бир эседен көбүрөөккө өскөн жана 111,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул акыркы жылдардын ичиндегеи эң чоң көрсөткүч болуп саналат. Жеке секторго акысыз жардам көрсөтүү курсу уланган жана трасферттордун 15 пайызы гана мамлекеттик секторго туура келген. Четөлкөлөрдө иштеп жаткандардын которуулары күндөлүк трасфеттердин агылып кирүүсүнүн башкы статьясынан болуп саналат, алардын таза агылып кирүүсү 2003-жылы 68 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагы көлөмдөн 2,3 эсеге артып турат.

Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын счету бир жыл мурдагы 76,6 млн. АКШ долларына оң көрсөткүчүнө караганда 2003-жылы 25,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн[1]. Жеке сектордун "Жана башка инвестициялар" жана "Финансы деривативдери" статьялары боюнча таза тышкы милдеттенмелердин төмөндөөсү аталган счеттун терс сальдонун келип чыгуусунун негизги факторунан болгон. Көчүп кетип жаткандардын трасфертторунун 21 пайызга таза агылып чыгуусунун төмөндөөсүнүн эсебинен иш жүзүндө капитал менен операциялардын счету баланстлашкан[2].

Тике четөлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү 45,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагыга караганда 9,7 эсеге чоң. Өсүш реинвестицияланган кирешелердин абсолюттук маанисине басым жасоо менен бардык компоненттер боюнча байкалган. Тике инвестицияларды алышкан экономиканын негизги секторлорунан болуп кайра иштетүү өнөржайы, билим берүү жана соода саналат. Канда, Кытай, Түркия, Корея жана Россия инвестицияларды салууга активдүү катышкан өлкөлөрдөн болушкан.

Республиканын төлөө балансын каржылоочу катары портфелдик инвестициялар олтуу эмес роль аткарууну улантууда. Бул статья боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү, 2002-жылдагы агылып чыгууга карата 2003-жылы 6 млн. АКШ долларын түзгөн. "Финансы деривативдери" статьясы боюнча милдеттенмелердин 20 млн. АКШ долларына төмөндөөсү өзүндө, кароого алынып жаткан мезгилде жогору болгон алтындын баасын хеджөө боюнча контрактына аткаруу үчүн каражаттарын ордун толтурууну түшүндүргөн.

[1] Төлөө баланссын аналитикалык түрдө берүүдө.
[2] 2002-жылдан бери "Техникалык жардамдар" статьясы капиталдык трансферттордун бир бөлүгү катары эске алынат.

Мурдагы жылдары адаттагыдай эле оң баланска ээ болгон "Башка инвестициялар" статьясы биринчи жолу терс сальдодо түптөлгөн жана 56,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Буга, коммерциялык банктардын таза активдеринин өсүшү жана жеке сектордун ишканаларынын ири суммадагы кредиттерди жабуусу өбөлгө түзгөн. Депоизттер, накталай валюта жана кредиттер түрүндөгү банктардын активдери 12,9 млн. АКШ долларына жогорулаган, ал эми соодалык кредиттер жана резиденттердин четөлкөлөрдөгү счеттору сыяктуу башка кыска мөөнөттүү факторлордун өнүгүшү да 16,7 млн. АКШ доллары суммасындагы терс балanска алып келген.

Мамлекеттик сектордун нетто-карыз алуусу 29,5 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинде жаңы өздөштүрүлгөн кредиттер 71,1 млн. АКШ долларда, ал эми график боюнча ордун толтуруу 41,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Жеке сектордун кредиттери боюнча амортизация 60,6 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 8,4 млн. АКШ доллары суммасына гана жаңы кредиттер тартылган.

Отчеттук жылы "Каталар жана калтырып кетүүлөр" статьясы 58,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул алардын катарына потенциалдуу түрдө алып-сатарлардын экспортун, четөлкөлөрдө иштеп жаткандардын республикага которууларын жана жеке сектордун карыз алууларын киргизүүгө боло турган кредиттик операциялардын жетиштүү эсепке алынбнай калгандагын белгилеп турат.

Төлөө балансын каржылоо 9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн. Бул статьянын негизги компоненти, эларалык резервдер 50,8 млн. АКШ долларына жогорулаган[3], буга мамлекеттик тышкы карызды иш жүзүндө тейлөөнүн анча чоң эмес өлчөмү сыяктуу эле, валюта рыногорундагы валюта каражаттарынын үстөктүгү өбөлгө түзгөн. ЭВФтин кредиттеринин таза агылып чыгуусу 0,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ушул компоненттин төлөө балансын каржылоого иш жүзүндөгү салымынын жоктугун айгинилеп турат. Париж Клубунун алкагында 43 млн. АКШ доллары суммасында карыздарды реструктуризациялоо, каржылоонун маанилүү статьясынан болуп саналган.

Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын акырына карата жалпы тышкы карызы 1965,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ИДПга карата 102,3 пайзга эквиваленттүү. Мында, мамлекеттик тышкы карыз өлкөнүн жалпы тышкы карызынан 90,2 пайызды ээлеген.

Өлкөнүн таза инвестициялык позициясы 2003-жылдын акырына 1886,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2002-жылдагы анын чоңдугунан 4,4 пайызга чоң (жогору). Отчеттук жылы өлкөнүн четөлкө активдери 32 пайызга өсүп кеткендигине карабастан, АКШ долларынын дүйнөлүк рыноктордо нарксыз болуп калуусу жана банктардын четөлкө милдеттенмелеринин жогорулоосу алардын өсүшүнүн негизги фактору болуп калган абсолюттук мааниде тышкы милдеттенмелердин озгон темпте жогорулоосун балансташтыра алган эмес.

[3] Алмашуу курсунун өзгөрүлүп туруусунун жана төлөө балансын түзүүнүн эрежелерине ылайык баалардын өзгөрүүсүнү эсебинен резервдердин өзгөрүүгө дуушар болуусун эске албастан.

## 1.1–таблица: Кыргыз Республикасынын төлөө балансы (аналитикалык түрдө берүү)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын счету** | **-138,4** | **-363,9** | **-184,0** | **-79,5** | **-18,9** | **-27,2** | **-25,6** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -141,3 | -333,5 | -178,0 | -82,9 | -4,5 | -59,4 | -75,6 |
| Соода балансы | -15,2 | -220,7 | -88,6 | 4,0 | 39,9 | -54,0 | -82,7 |
| Экспорт (ФОБ) | 630,8 | 535,1 | 462,6 | 510,9 | 480,3 | 498,1 | 590,3 |
| КМШ | 346,3 | 252,0 | 191,5 | 213,7 | 172,2 | 170,3 | 202,4 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 284,5 | 283,1 | 271,0 | 297,2 | 308,0 | 327,7 | 387,9 |
| Импорт (ФОБ) | 646,0 | 755,7 | 551,1 | 506,9 | 440,4 | 552,1 | 673,0 |
| КМШ | 396,0 | 391,7 | 248,7 | 279,7 | 250,0 | 311,7 | 394,5 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 250,1 | 364,1 | 302,4 | 227,2 | 190,3 | 240,3 | 278,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -126,1 | -112,8 | -89,4 | -86,9 | -44,4 | -5,4 | 7,0 |
| Көрсөтүлгөн кызматтар | 45,0 | 62,8 | 64,9 | 61,8 | 80,3 | 142,0 | 154,9 |
| Мурда көрсөтүлгөн кызматтар | -171,1 | -175,7 | -154,3 | -148,8 | -124,7 | -147,4 | -147,9 |
| Кирешелер | -64,6 | -79,2 | -74,0 | -83,9 | -65,5 | -56,2 | -61,7 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -0,8 | -8,3 | -4,8 | -39,1 | -27,4 | -17,5 | -27,0 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,0 | -2,1 | -0,4 | 0,0 | -0,1 | 0,3 | 0,3 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -50,4 | -54,0 | -57,3 | -34,5 | -27,7 | -26,8 | -22,3 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -56,7 | -65,7 | -67,3 | -51,3 | -39,4 | -32,3 | -26,8 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 6,3 | 11,7 | 10,0 | 16,8 | 11,6 | 5,5 | 4,5 |
| Эмгекке төлөөлөр | -13,4 | -14,7 | -11,5 | -10,3 | -10,3 | -12,2 | -12,7 |
| Күндөлүк трансферттер | 67,6 | 48,7 | 68,0 | 87,4 | 51,1 | 88,4 | 111,7 |
| **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын счету** | **241,5** | **276,3** | **205,4** | **52,9** | **-0,4** | **76,6** | **-25,6** |
| Капитал менен операциялардын счету | -8,3 | -8,1 | -15,2 | -11,4 | -32,0 | -7,9 | -0,9 |
| Капиталдык трансферттер | -8,3 | -8,1 | -15,2 | -11,4 | -32,0 | -7,9 | -0,9 |
| Финансылык счет | 249,9 | 284,4 | 220,6 | 64,3 | 31,6 | 84,5 | -24,7 |
| Тике инвестициялар | 83,0 | 86,6 | 38,4 | -6,9 | -1,1 | 4,7 | 45,5 |
| Портфелдик инвестициялар | 5,7 | -4,3 | -0,1 | -1,3 | 1,2 | -12,0 | 6,0 |
| Финансылык деривативдер | 19,0 | 30,6 | 26,4 | 25,8 | 17,6 | -5,1 | -20,0 |
| Башка инвестициялар | 142,2 | 171,5 | 156,0 | 46,7 | 14,0 | 97,0 | -56,2 |
| Активдер («-» көбөйүү) | -43,1 | -84,1 | -0,7 | -27,3 | -4,0 | 21,5 | -78,1 |
| Коммерциялык банктар | -18,7 | 9,6 | -1,4 | -1,6 | -16,5 | -42,3 | -49,5 |
| Жана башка активдер | -24,5 | -93,7 | 0,7 | -25,8 | 12,5 | 63,8 | -28,5 |
| Милдеттенмелер («+» көбөйүү) | 185,3 | 255,6 | 156,7 | 74,0 | 17,9 | 75,5 | 21,8 |
| Коммерциялык банктар | 14,0 | 1,0 | -2,8 | -0,3 | 3,9 | 32,7 | 36,6 |
| Кредиттер | 148,1 | 105,6 | 133,3 | 40,6 | 17,4 | 32,2 | -22,7 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 137,5 | 129,6 | 176,8 | 92,9 | 67,2 | 50,8 | 29,5 |
| Алынганы | 150,3 | 149,7 | 188,1 | 127,4 | 110,2 | 88,1 | 71,1 |
| Амортизация (график) | -12,8 | -20,1 | -11,2 | -34,5 | -43,1 | -37,3 | -41,6 |
| Жеке секторго кредиттер | 10,6 | -24,0 | -43,5 | -52,3 | -49,8 | -18,6 | -52,2 |
| Алынганы | 12,9 | 8,8 | 8,6 | 3,9 | 4,3 | 1,9 | 8,4 |
| Амортизация (график) | -2,3 | -32,8 | -52,1 | -56,2 | -54,1 | -20,5 | -60,6 |
| Жана башка милдеттенмелер | 23,3 | 149,0 | 26,2 | 33,8 | -3,4 | 10,6 | 7,9 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-57,6** | **63,6** | **-3,4** | **10,4** | **18,6** | **-20,5** | **58,2** |
| **Жалпы баланс** | **45,6** | **-24,0** | **18,1** | **-16,2** | **-0,7** | **28,9** | **7,0** |
| **Каржылоо** | **-45,6** | **24,0** | **-18,1** | **16,2** | **0,7** | **-28,9** | **-7,0** |
| Улуттук банктын резервдери | -82,6 | 5,9 | -61,2 | -21,2 | -16,3 | -43,8 | -50,8 |
| ЭВФтин кредиттери | 34,4 | 2,7 | 19,5 | 7,3 | -2,1 | -6,0 | -0,9 |
| Өзгөчө каржылоо | 2,6 | 15,5 | 23,7 | 30,1 | 19,1 | 20,9 | 44,7 |
| Каржылоонун башка түрлөрү | 0,0 | -0,1 | 0,0 | — | — | — | — |

| 2002 | | | | 2003 | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | III | IV | |
| **-12,4** | **2,4** | **-3,6** | **-13,6** | **12,0** | **-41,3** | **-5,8** | **9,5** | **Күндөлүк операциялардын счету** |
| -12,6 | -1,3 | -21,9 | -23,6 | -0,3 | -43,2 | -30,4 | -1,8 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -10,6 | 0,6 | -24,0 | -20,0 | 3,4 | -41,0 | -39,6 | -5,5 | Соода балансы |
| 116,9 | 125,0 | 116,7 | 139,5 | 121,3 | 115,4 | 142,1 | 211,6 | Экспорт (ФОБ) |
| 34,5 | 37,0 | 45,9 | 53,1 | 39,8 | 38,7 | 48,6 | 75,3 | КМШ |
| 82,5 | 88,0 | 70,8 | 86,4 | 81,5 | 76,7 | 93,5 | 136,3 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 127,5 | 124,4 | 140,7 | 159,4 | 117,9 | 156,3 | 181,7 | 217,1 | Импорт (ФОБ) |
| 76,0 | 69,0 | 75,1 | 91,7 | 64,3 | 91,8 | 110,6 | 127,7 | КМШ |
| 51,5 | 55,4 | 65,6 | 67,8 | 53,5 | 64,5 | 71,1 | 89,3 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -2,0 | -1,9 | 2,1 | -3,6 | -3,7 | -2,2 | 9,3 | 3,7 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 27,5 | 30,0 | 44,2 | 40,2 | 27,3 | 34,3 | 46,7 | 46,7 | Көрсөтүлгөн кызматтар |
| -29,6 | -31,9 | -42,2 | -43,8 | -31,0 | -36,5 | -37,4 | -42,9 | Мурда көрсөтүлгөн кызматтар |
| -14,3 | -12,2 | -9,1 | -20,6 | -6,5 | -16,5 | -5,9 | -32,7 | Кирешелер |
| -8,0 | -0,7 | -2,3 | -6,5 | -2,1 | -4,7 | -1,1 | -19,1 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,1 | — | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -3,4 | -8,9 | -4,0 | -10,4 | -1,4 | -8,8 | -1,9 | -10,3 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -4,2 | -10,8 | -4,4 | -12,9 | -2,3 | -10,5 | -2,6 | -11,4 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 0,8 | 1,9 | 0,4 | 2,4 | 0,9 | 1,7 | 0,8 | 1,1 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -3,0 | -2,7 | -2,9 | -3,7 | -3,1 | -3,2 | -3,0 | -3,3 | Эмгекке төлөөлөр |
| 14,5 | 16,0 | 27,3 | 30,6 | 18,8 | 18,4 | 30,5 | 44,0 | Күндөлүк трансферттер |
| **30,3** | **7,4** | **4,4** | **34,6** | **2,4** | **3,3** | **-13,5** | **-17,7** | **Капитал менен операциялардын жана финансы операцияларынын счету** |
| 0,9 | 0,0 | -7,1 | -1,7 | 4,2 | -1,0 | -3,2 | -1,0 | Капитал менен операциялардын счету |
| 0,9 | 0,0 | -7,1 | -1,7 | 4,2 | -1,0 | -3,2 | -1,0 | Капиталдык трансферттер |
| 29,4 | 7,4 | 11,5 | 36,3 | -1,8 | 4,3 | -10,3 | -16,8 | Финансылык счет |
| 0,6 | -8,2 | 7,6 | 4,6 | 4,2 | 1,5 | 5,9 | 33,9 | Тике инвестициялар |
| 2,2 | 0,8 | -9,5 | -5,6 | 11,1 | 1,3 | 11,9 | -18,3 | Портфелдик инвестициялар |
| 0,1 | -0,4 | -4,0 | -0,8 | -5,3 | -3,0 | -8,4 | -3,3 | Финансылык деривативдер |
| 26,5 | 15,1 | 17,3 | 38,1 | -11,9 | 4,5 | -19,7 | -29,1 | Башка инвестициялар |
| 5,1 | 48,3 | -29,0 | -2,9 | -32,4 | -3,9 | -73,3 | 31,6 | Активдер («-» көбөйүү) |
| -3,8 | -3,0 | -19,4 | -16,1 | -10,1 | -22,0 | -42,2 | 24,8 | Коммерциялык банктар |
| 8,9 | 51,3 | -9,6 | 13,2 | -22,4 | 18,1 | -31,1 | 6,8 | Жана башка активдер |
| 21,4 | -33,1 | 46,3 | 41,0 | 20,5 | 8,4 | 53,6 | -60,7 | Милдеттенмелер («+» көбөйүү) |
| -0,1 | 8,9 | 9,6 | 14,3 | -0,4 | 22,5 | 28,5 | -14,0 | Коммерциялык банктар |
| 12,7 | -28,0 | 18,9 | 28,6 | 9,1 | 1,0 | 23,3 | -56,1 | Кредиттер |
| 13,2 | -9,6 | 18,6 | 28,6 | 9,0 | 1,2 | 15,2 | 4,1 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 14,5 | 17,9 | 20,1 | 35,7 | 15,7 | 14,3 | 20,5 | 20,6 | Алынганы |
| -1,3 | -27,5 | -1,5 | -7,1 | -6,7 | -13,1 | -5,2 | -16,5 | Амортизация (график) |
| -0,5 | -18,4 | 0,3 | 0,0 | 0,1 | -0,2 | 8,1 | -60,2 | Жеке секторго кредиттер |
| 0,2 | 0,1 | 1,5 | 0,1 | 0,2 | — | 8,3 | — | Алынганы |
| -0,7 | -18,5 | -1,2 | -0,1 | 0,0 | -0,2 | -0,2 | -60,2 | Амортизация (график) |
| 8,8 | -14,0 | 17,8 | -1,9 | 11,8 | -15,1 | 1,7 | 9,5 | Жана башка милдеттенмелер |
| **-18,1** | **-12,8** | **16,9** | **-6,5** | **-31,9** | **29,4** | **32,0** | **28,7** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-0,3** | **-3,0** | **17,7** | **14,5** | **-17,5** | **-8,6** | **12,6** | **20,5** | **Жалпы баланс** |
| **0,3** | **3,0** | **-17,7** | **-14,5** | **17,5** | **8,6** | **-12,6** | **-20,5** | **Каржылоо** |
| 3,4 | 0,7 | -31,3 | -16,6 | 3,9 | 2,6 | -28,1 | -29,3 | Улуттук банктын резервдери |
| -4,9 | -5,6 | 10,3 | -5,8 | 7,1 | -8,7 | 9,8 | -9,1 | ЭВФтин кредиттери |
| 1,7 | 7,9 | 3,4 | 7,9 | 6,5 | 14,7 | 5,6 | 17,8 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | — | — | Каржылоонун башка түрлөрү |

# 2. КҮНДӨЛҮК ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН СЧЕТУ

**Күндөлүк счеттун** тартыштыгы 2003-жылдын жыйынтыгы боюнча 2002-жылдагыга салыштырганда бир азга төмөндөгөн жана 25,6 млн. АКШ долларын же ИДПнын 1,3 пайызын түзгөн (2002-жылы 1,7 пайыз). Эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансынын жана күндөлүк траснферттордун жакшырышы соода балансынын тартыштыгынын ордун толтурган.

**2.1–график: Күндөлүк операциялардын счету**
*млн. АКШ доллары*




## СООДА БАЛАНСЫ

Республиканын **тышкы соода жүгүртүүсү** отчеттук жылы өсүштү олуттуу арымдарын тастыктаган жана 1263,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 20 пайызга жогору[1].

**2.1–таблица: Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| Соода балансы | -88,6 | 4,0 | 39,9 | -54,0 | -82,7 |
| Экспорт (ФОБ) | 462,6 | 510,9 | 480,3 | 498,1 | 590,3 |
| Өзгөрүү *(% менен)* | *-13,6* | *10,5* | *-6,0* | *3,7* | *18,5* |
| Импорт (ФОБ) | 551,1 | 506,9 | 440,4 | 552,1 | 673,0 |
| Өзгөрүү *(% менен)* | *-27,1* | *-8,0* | *-13,1* | *25,4* | *21,9* |
| Соода жүгүртүү | 1013,7 | 1017,8 | 920,6 | 1050,1 | 1263,3 |
| Өзгөрүү *(% менен)* | *-21,5* | *0,4* | *-9,5* | *14,1* | *20,3* |

Ошентип, тышкы соода операцияларынын негизинде **соода балансынын тартыштыгы** 2002-жылдагы 54 млн. АКШ долларына караганда 82,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

ФОБ баасындагы **товарлардын эскпорту** 2002-жылдагы деңгээлден 18,5 пайызга ашып түшүү менен 2003-жылы 590,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын экспортунун көбөйүүсү алтынга дүйнөлүк баанын жогору болуусу жана курулуш материалдарынын экспортунун калыбына келиши менен шартталган. Бүтүндөй алганда, экспорттун номенклатурасы боюнча орточо баалар 13 пайызга, ал эми физикалык берүүлөр 41 пайызга төмөндөгөн[2].

Товарлардын **импортунун** 2002-жылдан бери байкалган динамикалык өсүшү керектөө жана инвестициялык товарларга ички суроо-талаптын жогорулоосунун эсебинен отчеттук жылы да уланган. ФОБ баасында товарлардын чогуу алгандагы импорту 673,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагы импорттон 21,9 пайызга артып турат[3]. Импортту физикалык берүүлөрдүн 88 пайызга артышы, орточо баалар үчтөн бирге төмөндөгөн учурда өсүштүн негизги факторунан болгон[4].

## ТЫШКЫ СООДАНЫН ТОВАРДЫК СТРУКТУРАСЫ

Экспорттун товардык концентрациялануусунун көрсөткүчү 2003-жылы олуттуу өскөн жана 46,5 пайызды түзгөн. Көрсөткүчтүн өсүшү экспорттун жалпы көлөмүндө алтындын үлүшүнүн өсүшү менен байланыштуу.

**2.2.-таблица. Сооданын товардык концентрациялануусу**
*(пайыздарда)*

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт | 43,5 | 43,1 | 49,0 | 38,5 | 46,5 |
| Импорт | 12,9 | 13,4 | 13,5 | 13,4 | 14,1 |

Товардык экспорттун жогорку концентрациялануусун экспорттун жалпы көлөмүнөн 70 пайызды товарлардын жети түрү: алтын, мунайзат, пахта, тамеки, электроэнергия, ысытуу лампалары жана тери чийки заттары ээлегенедигиги менен тастыкталууда. Отчеттук мезгилде товарлардын импортунун структурасы импорттун 1,2 пайызык пунктка концентрациялануусунун күчөшү менен мүнөздөлгөн, ал 1999-жылдан тартып өзүнүн максималдуу маанисине чейин жеткен. Өлкөнүн импортунда товарлардын айрым түрлөрүнө үлүштүн жогорулоосу, айрыкча энергопродуктылар категориясы көрсөткүчтүн чоңдугуна негизги таасирин тийгизген.

## ТОВАРЛАРДЫН ЭСКПОРТУНУН СТРУКТУРАСЫ

Экспорттун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча структурасын анализдеп көрүү менен баалуу металлдарды камтыган топтордун үлүшү 2003-жылы экспорттун жалпы көлөмүндө ири

[1] ФОБ баасында.

[2] 1-тиркеме "Таблицалар жана графиктер", 1.14-таблицаны караңыз.

[3] СИФ баасындагы товарлардын импорту 2003-жылы 721,8 млн. АКШ долларына барабар болгон, мында, соода балансы 131,5 млн. АКШ доллары тартыштыгы менен түптөлгөн.

[4] 1-тиркеме "Таблицалар жана графиктер", 1.14-таблицаны караңыз.

үлүштү түзгөндүгүн баса белгилеп кетүү зарыл. Анын салыштырмалуу салмагы 2002-жылдагыга караганда 9 пайыздык пунтка көбөйүү менен 44,6 пайызды түзгөн. Бул, эң оболу, алтындын дүйнөлүк рыногундагы алгылыктуу баа коньюнктурасы менен шартталган. Бүтүндөй 2003-жыл ичинде алтынга дүйнөлүк баа жылдын баш жагындагы бир троян унция үчүн 344 АКШ долларынан жылдын акырындагы 411 АКШ долларына чейин өзгөрүлүп турган. Мында орточо экспорттук баа бир троян унциясы үчүн 376 АКШ долларына туура келген.

**2.2.-график. Алтынды физикалык берүүлөрдүн жана анын дүйнөлүк баасынын динамикасы**




2002-жыл кен казылып алынып жаткан жерде болуп өткөн кырсыктан кийин ушул баалуу металлды өндүрүп алуунун көлөмүнүн калыбына келтирилиши алтындын экспортунун өсүшүнө түрткү берген экинчи факторунан болуп калган. Жыйынтыгында, кыргыз алтынын экспортунун наркы андан мурдагы жылдагы 162,8 млн. АКШ долларына караганда 2003-жылы 259,6 млн. АКШ долларына чейин өскөн.

Алтынды эске албаганда товарлардын экспорту 1,4 пайызга кыскарган. Алып көрсөк, 2003-жылы "Суусундуктар жана тамеки" категориясы кирген товарлардын 13,8 млн. АКШ долларын түзгөн товарлардын экспортунун көлөмү төмөндөөсүн андан ары уланткан. Бул өлчөм 1998-жылдан берки аралыкта минималдуу деңгээлге чейин кыскарган. Өткөн жылдары тамеки айдоо аянттарынын кыскаруусу мунун негизги себеби болуу менен ал 2002-2003-жылдары тамекинин түшүмдүүлүгүнүн төмөндөөсүнө, демек тамеки экспортунун үчтөн бирден көбүрөөкө же 12,5 млн. АКШ долларына чейин кыскаруусуна алып келген.

Булгаары чийки затына экспорттук баанын 34 пайызга төмөндөөсү ушул товарды тышкы рынокторго физикалык берүүлөрдүн көлөмүнүн кыскаруусуна (45 пайызга) алып келген. Жыйынтыгында, нарктык көрсөткүчүндө алганда экспорт 6,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мына ушул жагдай азыктүлүк болбогон чийки заттык товарлардын тобунун салыштырмалуу салмагынын 17 пайыздан отчеттук жылдагы 12 пайызга чейин кыскаруусун аныктаган фактордон болгон. Ал эми пахта буласынын экспорту жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда пахтага дүйнөлүк баанын демек, ушул товарга экспорттук баанын өсүшкө ээ болуусу, өсүшү да ушул товарга сырттан суроо-талаптын төмөндөп жатышынын кесепеттүү таасирин балансташтырууга түрткү бере алган жок. Ошентип, 2003-жылда пахтанын экспортунун нарктык көрсөткүчү бир азга төмөндөө менен 45,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Нарктык көрсөткүчүндө алганда "Минералдык продукциялар" тобунун чогуу алгандагы экспорту 16 пайызга өскөндүгүнө карабастан, алардын салыштырмалуу салмагы 67,3 млн. АКШ долларын түзүү менен мурдагы эле деңгээлинде (12 пайызда) сакталып калган. Ушул топтун көлөмүнүн артышы республиканын аймагында жайгашып турган эларалык аскер базасы үчүн реэкспорттолуучу авиакеросининин 36 пайызга көбөйүүсүнүн натыйжасында жүргөн. Ошону менен бирге эле, электрэнергиясын берүүлөр 13 пайызга төмөндөгөн, муну бары бир Кыргызстандын электрэнергиясын негизги керектөөчүдөн болгон Өзбекстан тарабынан электрэнергиясына суроо-талаптын төмөндөөсүнө байланыштырууга болот, учурда, Өзбекстандын үлүшүнө электрэнергиясынын экспортунун дээрлик 45 пайызы туура келет. Бул жерде, ошондон улам электрэнергиясын физикалык берүүлөрдүн эки эсеге артышы жүргөн Россия рыногунда иш алып баруунун жөнгө салынгандыгына карабастан, электрэнергиясынын экспортунун жалпы нарктык көлөмүнүн 22 млн. АКШ долларынан 19,2 млн. АКШ долларына чейин төмөндөшү жүргөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.3.-таблица. Тобварлардын экспортун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү**
*(жыйынтыкка карата пайыздарда)*

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамакаш азыктары жана тирүү мал | 5,3 | 3,5 | 4,0 | 6,4 | 6,5 |
| Суусундуктар жана тамеки | 10,0 | 6,7 | 5,9 | 4,3 | 2,3 |
| Отунду эске албаганда, чийки зат | 11,4 | 15,1 | 9,7 | 17,0 | 11,7 |
| Минералдык отун | 11,8 | 16,4 | 11,4 | 12,0 | 11,6 |
| Малдын майы жана өсүмдүк майлары | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Химиялык заттар | 3,3 | 2,9 | 3,8 | 5,3 | 1,7 |
| Өнөржай товарлары | 4,6 | 3,7 | 4,1 | 7,4 | 9,8 |
| Машиналар жана транспорт | 9,8 | 9,7 | 11,7 | 10,1 | 7,5 |
| Ар кандай даяр буюмдар | 3,4 | 3,2 | 2,1 | 4,0 | 4,3 |
| Жана башка товарлар | 40,3 | 38,7 | 47,2 | 33,5 | 44,6 |

*УСКнын маалыматы боюнча ФОБ баасында*

Казакстан, Россия жана Тажикстан тарабынан туруктуу суроо-талап алгылыктуу баа коньюнктурасынын шартында 1993-жылдан 2003-жылдар аралыгында кен болбогон металл продукцияларынын экспортунун максималдуу өсүшкө ээ болуусун шарттаган, кароого алынып жаткан мезгил ичинде анын экспорту 32,1 млн. АКШ долларына чейин өскөн. Айнек даярдап чыгаруу боюнча тике инвестицияланууучу алуучу ишкананын ишинин жандануусу айнектин экспортунун 2003-жылда 15,8 млн. АКШ долларына чейин олуттуу өсүшүнө түркү берген (2002-жылы 2,3 млн. АКШ долларында эле), алар ушул категорияга кирген товарлардын чогуу алгандагы экспортунун 43 пайызын түзөт. Цементтин экспортуна тиешелүү талаш маселелерди жөнгө салууну башка бир оңтойлуу учур катары атоого болот, бул жагдай цементти четөлкөлөргө берүүнү дээрлик 4 эсеге арттырууну камсыз кылган.

Химиялык заттар тобу боюнча экспорттун өтө эле байкаларлык түшүшү белгиленген. Товарлардын ушул тобунун экспорту 2002-жылдагыга салыштырганда 2,6 эсеге (же 1537 млн. АКШ долларына) кыскарган. Органикалык эмес химия продукцияларынын экспортунун көлөмүнүн 16 млн. АКШ долларынан кароого алынып жаткан жылдагы 0,9 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсү кайра иштетилип жөнөтүлүүчү (давальческий) чийки заттарды кайра иштетүүгө жана кийинчерээк экспорттоого берүүнүн токтотулушуна таасирин тийгизген.

## ТОВАРЛАРДЫН ИМПОРТУНУН СТРУКТУРАСЫ[5]

Товарлардын импортунун ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча структурасын иликтөөдөн улам, акыркы 7 жыл аралыгында, мурдагыдай эле, товарлардын импортунун эң ири статьясынан болуп, минерал отунуна кирген топ калып жаткандыгын көрүүгө болот. Алардын үлүшүнө товарлардын жалпы импортунун төрттөн бир бөлүгү туура келет. 2003-жылы минералдык продукциялардын импорту 19 пайызга өсүү менен 180,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын ушул тобу боюнча импорттун өсүшү мунайзаттарынын, айрыкча автомобиль бензининин жана 2003-жылы 50 пайыздык өсүшкө ээ болгон авиокеросининин берүүлөрдүн артышы менен гана шартталган. Эларалык аскер базасы тарабынан керосинге болгон суроо-талаптан тышкары, мунайзаттарынын импортунун реалдуу өсүшүнө мамлекет тарабынан сырттан ташылып келинген автомобиль бензинине жана дизель отунуна 2003-жылдын жалган куран айында акциздик салыктын ставкаларынын азайтылышы да кыйла олуттуу таасир тийгизген.

**2.4.-таблица. Минералдык отундун ЭСТК боюнча импорту**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **121,7** | **129,1** | **121,0** | **152,0** | **180,5** |
| Мунай жана мунайзаттар | 65,3 | 75,8 | 70,7 | 85,6 | 126,1 |
| Бензин | 32,8 | 32,7 | 29,3 | 24,3 | 46,5 |
| Керосин | 7,9 | 12,0 | 12,8 | 42,5 | 53,4 |
| Дизель отуну | 13,0 | 17,2 | 19,9 | 11,8 | 17,0 |
| Жаратылыш газы | 33,0 | 33,2 | 33,2 | 41,8 | 30,8 |
| Электрэнергия | 2,8 | 7,6 | 9,8 | 9,7 | 0,5 |
| Ташкөмүр | 19,8 | 11,1 | 6,4 | 13,9 | 22,1 |
| Жана башка отун | 0,7 | 1,4 | 0,9 | 0,9 | 1,0 |

*УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында*

Экинчи жагынан алып караганда, товарлардын ушул тобуна кирген жаратылыш газынын жана электрэнергиясынын чогуу алгандагы импортунун наркы акыркы 11 жыл ичинде минималдуу мааниге жеткен. Алып көрсөк, 2003-жылы импорт 31,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул региондо энергоресурстары менен соода жүргүзүүнүн жигердүүлүгүнүн басаңдашы, ошондой эле жаратылыш газынын ордуна ташкөмүрдү көбүрөөк пайдаланылышы менен шартталган.

Импорттолунуучу товарлардын категорияларынын ичинен маанилүүлүгү боюнча экинчи турган товардан болуп, мурдагыдай эле, машиналар, жабдуулар жана механизмдер тобу калууда. Алардын салыштырмалуу салмагы 2003-жылда 20 пайызды түзгөн жана андан мурдагы жылдагыга салыштырганда нарктык көрсөткүчүндө 16,2 пайызга көбөйгөн. Мындай өсүш тамакаш өнөржайы, ошондой эле автомобилдер жана алардын запастык бөлүктөрү үчүн жабдууларды берүүнүн олуттуу көбөйүүсү менен камсыз кылынган. Транспорт каражаттарынын импортунун өсүшү шаардык транспорттун түрлөрүнө ички суроо-талаптын күчөп бара жатышы менен шартталган.

Импортто олуттуу үлүштү ээлеген химия өнөржайынын продукциялары отчеттук жылда 14,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 20 пайызга өсүшкө ээ болгон. Муну, товарлардын ушул тобун бардык түзүүчүлөр, айрыкча республикага АКШдан гуманитардык жардам түрүндө келип түшкөн медикаменттер, ошондой эле пластмасса жана андан жасалган буюмдардын өсүшү менен түшүндүрүүгө болот. Кайра иштетилип жөнөтүлүүчү чийки зат түрүндө республикага ушул товарлардын берилишинин кыскаруусунун натыйжасында органикалык эмес химия заттарынан жасалган продукциялар буларга кошууга болбойт.

Тамакаш азыктарынын үлүшү импорттун жалпы көлөмүнүн 7,8 пайзын түзүү менен

[5] УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында.

2003-жылы бир азага төмөндөгөн. Кантты ташып келүү 32 пайызга көбөйүү менен 11,5 млн. АКШ долларына жеткен. Ушул эле учурда кант кызылчасынын импорту дээрлик нөлдүк деңгээлге чейин азайган. Бул жерде, 2003-жылда канттын импортунун көлөмү акыркы жылдар ичиндеги максималдуу чекке жеткендигин, ал эми ташылып келинген канттын негизги бөлүгү кийинчерээк реэкспорттолгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Импорттун функционалдык структурасы жөнүндө сөз кыла турган болсок, ал керектөө жана аралык товарларынын тышкары, баардык функционалдык топтордун үлүшүнүн төмөндөшүнүн уланып жаткандыгы менен мүнөздөлгөн. Товарлардын жалпы импортунда басымдуу болуп жаткан топко кирген керектөө үчүн каралган товарлардын салыштырмалуу салмагынын көбөйүүсү жүргөн, муну сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун динамикасы менен байланыштырууга болот.

**2.3.-график. Керектөө товарларынын импорту жана сомдун алмашуу курсунун динамикасы**




## НЕГИЗГИ ӨНӨКТӨШТӨРДӨН БОЛГОН ӨЛКӨМӨР МЕНЕН ТЫШКЫ СООДА

Басылманын 2.5-таблицасында көрүнүп тургандай, экспорттун географиялык концентрациялануусу акыркы беш жыл аралыгында 38-40 пайыздардын чегинде өзгөрүлүп туруу менен иш жүзүндө өзгөрүүсүз калган. Бирок, бул көрсөткүчтү өлкөлөрдүн тобу боюнча бөлүп кароодо КМШ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөрдүн концентрациялануусунун күчөшү тенденциясы байкалып турат, ал эми алыскы четөлкөлөр боюнча башкача жагдай орун алган.

**2.5.-таблица. Сооданын географилык концентарцияланууcу**
*(пайыздарда)*

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| Эксопрт | 39,9 | 38,7 | 38,3 | 39,0 | 38,4 |
| КМШ | 52,7 | 55,9 | 53,3 | 53,2 | 57,3 |
| Алыскы четөлкөлөр | 56,6 | 52,8 | 51,7 | 53,1 | 50,3 |
| Импорт | 28,6 | 32,9 | 32,4 | 36,2 | 37,7 |
| КМШ | 54,4 | 54,9 | 53,0 | 53,0 | 60,6 |
| Алыскы четөлкөлөр | 28,5 | 31,1 | 31,7 | 34,1 | 34,6 |

Товарлардын импортунда географиялык концентрациялануунун күчөө тенденциясы кыйла айкын көрүнүүдө. Бул, тышкы соодanын олуттуу көлөмү барган сайын аз сандагы өлкөлөргө концентрацияланып жаткандыгын көрсөтүүдө жана бул өлкөлөрдүн көпчүлүгү Кыргызстандын соода өнөктөштөрү гана болбостон, инвесторлору да болуп саналышат.

Экспортту КМШ өлкөлөрү жана алыскы четөлкөлөр боюнча бөлүштүрүү, КМШ өлкөлөрүнүн акыркы үч жылдагы анын жалпы көлөмүндө үлүшү дээрлик өзгөрүүсүз калгандыгын жана орточо алганда 35 пайызды түзгөндүгүн чагылдырууда. Экспорттун алыскы четөлкөлөргө басымдуу болуп жатышы ушул өлкөлөргө алтындын экспортунун эсебинен гана камсыз кылынып келинүүдө.

**2.4.-график. КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы четөлкөлөргө товарлардын экспорту**
*(млн. АКШ долларында)*




*УСКнын маалыматтары боюнча ФОБ баасында*

Импорт боюнча сөз кыла турган болсок, 2.5-графикте көрүнүп тургандай, КМШ өлкөлөрү республикага импорттолуп жаткан товарларды маанилүү берүүчүлөрдөн болуп саналышат. КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 2003-жылы импорттун чогуу алгандагы көлөмүнүн 57 пайызына жеткен, мында алардын салыштырмалуу салмагы акыркы беш жыл ичинде туруктуу өсүшкө ээ болгон.

**2.5.-график. КМШ өлкөлөрүнө жана алыскы четөлкөлөргө товарлардын импорту**
*(млн. АКШ долларында)*




*УСКнын маалыматтары боюнча СИФ баасында*

Көпчүлүк алыскы четөлкөлөрдүн ээлеген орду бара-бара төмөндөөдө, бул эң оболу, импортерлордун транспорттук чыгымдарды төмөндөтүүгө жана КМШ өлкөлөрүнүн товар өндүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн артышына байланыштуу ре-

гионалдык рыноктorго ык коюсуна байланыштуу.

Тышкы соодaны региондор боюнча бөлүштүрүп кароодо Кыргызстан 2003-жылы Азия жана Европа менен оң соода балансына ээ болгон. Ал эми, КМШ өлкөлөрү жана Америка менен соода балансы терс чыккан (2.6-таблицаны караңыз).

**2.6.-таблица. Кыргыз Республикасынын 2003-жылдагы тышкы соодасын географиялык бөлүштүрүү**

| | Экспорт (ФОБ) | Импорт (СИФ) | Соода балансы | Соода жүгүртүлүшү | |
|---|---|---|---|---|---|
| | *Млн. АКШ долларына* | | | | *жыйынтыкка карата % менен* |
| **Бардыгы болуп** | **581,7** | **717,0** | **-135,2** | **1 298,7** | ***100*** |
| **КМШ** | **201,4** | **410,5** | **-209,1** | **611,9** | ***47*** |
| Россия | 97,0 | 176,1 | -79,1 | 273,1 | *21* |
| Казакстан | 57,1 | 170,9 | -113,8 | 228,1 | *18* |
| Өзбекстан | 16,3 | 39,2 | -23,0 | 55,5 | *4* |
| **Азия** | **190,5** | **148,8** | **41,7** | **339,4** | ***26*** |
| Бириккен Араб Эмираттары | 144,3 | 7,8 | 136,6 | 152,1 | *12* |
| Кытай | 23,3 | 77,7 | -54,3 | 101,0 | *8* |
| Түркия | 11,0 | 26,0 | -15,0 | 37,0 | *2,8* |
| **Европа** | **152,2** | **99,0** | **53,2** | **251,2** | ***19,3*** |
| Швейцария | 117,9 | 2,5 | 115,4 | 120,3 | *9,3* |
| Германия | 3,0 | 38,2 | -35,2 | 41,2 | *3,2* |
| Бельгия | 4,9 | 3,3 | 1,6 | 8,2 | *0,6* |
| **Америка** | **37,5** | **58,0** | **-20,5** | **95,5** | ***7,4*** |
| АКШ | 6,5 | 47,9 | -41,4 | 54,4 | *4,2* |
| Канада | 31,0 | 8,3 | 22,7 | 39,3 | *3,0* |

*УСКнын маалыматтары боюнча*

Кыргызстандын башкы соода өнөктөшүнөн болгон **Россия Федерациясы** менен соода балансы 2003-жылы мурдагыдай эле, 79,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан. Экспорт 21 пайызга, импорт 51 пайызга, соода жүгүртүлүшү 39 пайызга өскөн.

Россияга товарлардын экспорту акыркы эки жыл аралыгында 20 пайыздан төмөн болбогон деңгээлде өсүүдө. Керектөө товарларынын эки эселенип өсүшү жана электрэнергиясын экспорттоонун башталышы 2003-жылдагы экспорттун позитивдүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Керектөө товарларынын экспорту 2002-жылдагы 18,8 млн. АКШ долларынан, отчеттук жылдагы 37,2 млн. АКШ долларына чейин өсүшкө ээ болгон. Товарлардын ушул категориясынын өсүшүн камсыз кылган негизги статьялардын болуп, ысытуу лампалары (1,5 эсеге көбөйүү), тигилүү буюмдар (2,6 эсеге), кант (2,4 эсеге) жана жашылча-жемиштер (2,3 эсеге) саналат. Аны экспорттону олуттуу төмөндөткөн бирден-бир маанилүү статьядан болуп, иштетилбеген тамеки саналат (2002-жылдагы 17,8 млн. АКШ долларынан, 2003-жылдагы 9,5 млн. АКШ долларына чейин), бул өткөн жылдары тамеки айдоо аянттарынын кескин кыскартылышы менен шартталган.

**2.6.-график. Россия менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Биринчи жолу эгемендүү Кыргызстандын тарыхында Россияга электрэнергиясын экспорттоо 4,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Ошентип, мамлекет үчүн мааниси жагынан экинчи турган экспорттук статьянын географиялык чөйрөсү кеңейген. Бүтүндөй алганда, Россияга экспорттук берүүлөрдүн функционалдык структурасы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Алып көрсөк, 2002-жылы чийки заттар жана керектөө товарлары тиешелүүлүгүнө жараша 59 жана 23 пайызды ээлеген болсо, 2003-жылда бул бөлүштүрүү 38 жана 39 пайыздарды түзгөн. Башка категориялардын үлүшү анчалык деле олуттуу эмес, ошондой болсо да, электрэнергиясынын экспорту жана Россиянын транспорттук компанияларына мунайзаттарын (бункердик отундарды) берүүчү катары Кыргызстандын маанисинин артышы менен шартталган энергопродукцияларынын экспортунун туруктуу өсүшкө ээ болуусун белгилеп кетүү зарыл.

Россиядан импорттун товардык структурасы олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Импорттун өсүшү бардык функционалдык категориялар боюнча байкалган, мында, товарлардын ар бир тобунун көбөйүүсү минимум дегенде, 42 пайызды түзгөн. Баа жана сандык деп бөлүнгөн эки фактор Россиядан иморттун өсүшүнө өз салымдарын кошкон жана алар тиешелүүлүгүнө жараша 6 жана 39 пайызга көбөйгөн. Россиянын республиканын экономикасы үчүн маанилүүлүгү, 2003-жылы утурумдук керектөө жана чийки зат үчүн импорттолуп алынган бардык товарлардын кеминде 40 пайызы Россиядан алынып келингендиги фактысы менен да тастыкталууда. Курулуш иши жана транспорт жагынан суроо-талаптын өсүшү, жыгач сырдоочу материалдар, кара металлдардан буюмдар жана шиналар сыяктуу статьялардын импортунун олуттуу көбөйүүсү менен шартталган.

Республиканын тышкы соодасында **Казакстандын** ролу артууда. Алып көрсөк, 2000-жылы Казакстандын өлкөнүн товар жүгүртүүсүндөгү үлүшү 8,5 пайзды түзгөн бол-

со, акыркы жылдары соода жүргүзүүнү туруктуу өсүшүнүн натыйжасында коңшу өлкөнүн салыштырмалуу салмагы 17,5 пайызга чейин арткан. Мында, Казакстан менен товар жүгүртүүнүн өсүшү 2003-жылы 42 пайызды түзүү менен Кыргызстандын бүтүндөй товар жүгүртүүсүнүн көбөйүүсүнөн эки эсеге арткан (21 пайыз). Отчеттук мезгил ичинде Казакстан менен соода жүгүртүү 113,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2.7.-график. Казакстан менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Казакстанга экспорт 63 пайызга өсүү менен 57,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттук орточо баа 8 пайызга төмөндөгөн. Ал эми, физикалык берүүлөрдүн 77 пайызга көбөйүүсү өсүштү аныктаган негизги фактордон болгон. Алып көрсөк, өткөн жылдары Казакстанга экспорттун динамикасы электрэнергиясына өтө эле көзкаранды болгон болсо, 2003-жылы казак экономикасынын өсүшүнүн эсебинен сүт азыктарына, цементке жана айнекке суроо-талап көбөйгөн, бул албетте, экспорттун диверсификациялануусун жакшырткан. Ошентип, 2003-жылы Казакстанга кыргыз экспортунун төрттөн үчүн керектөө жана аралык товарлары түзгөн. Бул өз кезегинде, кошумча нарктын үлүшү жогору болгон товарлардын басымдуу болуп жаткандыгын тастыктап турат.

Казакстандан товарлардын импорту бир жыл мурдагы 123,8 млн. АКШ долларына салыштырганда, 170,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун мына ушундай жогорку өсүшкө ээ болуусу, биринчи кезекте, кийинчерээк республиканын аймагында жайгашып турган эларалык аскер базасына сатуу үчүн керосинди берүүлөрдүн артышына байланыштуу болгон. Эгерде, 2002-жылы Казакстандан керосиндин импорту 30 млн. АКШ долларын түзгөн болсо, кароого алынып жаткан жылы бул өлчөм 46,2 млн. АКШ долларына чейин өскөн. Импорттолуп алынган бензинге жана дизель отунуна акциздик салыктын ставкасын төмөндөтүү бензинди ачык ташып келүүнүн 2002-жылдагы 73 миң тоннадан 105, 7 миң тоннага чейин өсүшүнө алып келген. Бүтүндөй алганда, Казакстандан энергопродукцияларынын импорту 105 млн. АКШ долларына чейин өскөн, бул 2002-жылдагыга караганда дээрлик 40 млн. АКШ долларына көп. Керектөө товарларынын үлүшү да абсолюттук түрүндө алганда 33,6 млн. АКШ долларынан 42,7 млн. АКШ долларына чейин өсүшкө ээ болгон. Ал боюнча кыскаруу катталган бирден-бир товарлардын тобунан болуп, чийки заттык товарлар саналат, алар 46 пайызга төмөндөгөн жана бул Казакстандан алынып келүүчү химиялык продукцияларды кайра иштетүү өндүрүшүнүн тарышы менен шартталган.

Казакстандан айрымаланып, **Өзбекстан** менен соода жүргүзүү акыркы төрт жыл ичинде алгылыксыз динамикада турган. Эгерде, 2000-жылы тышкы соодадагы Өзбекстандын үлүшү 15,4 пайызга барабар болгон болсо, отчеттук жылда бул көрсөткүч 4,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

**2.8.-график. Өзбекстан менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Өзбекстанга экспорт 2003-жылы 16,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул базалык жылдагы экспорттон 41,6 пайызга төмөн жана 2000-жылдагы экспорттон 5,5 эсеге төмөн. Электрэнергиясын экспорттоо 2003-жылда 2 эсеге төмөндөгөн (8,6 млн. АКШ долларына чейин), ошондой болсо да ал Өзбекстан экспорттун 53 пайызын ээлөө менен аныктоочу ролун сактап калган. Экспорттун башка маанилүү позицияларынын ичинен ысытуу лампаларын, курулуш материалдарын жана мурда пайдаланылган автомобилдерди баса белгилеп кетүү зарыл, булардын экспорттогу суммардык көлөмү 3,8 млн. АКШ долларын түзгөн.

Өзбекстандан товарлардын импортундагы эң чоң салыштырмалуу салмакты жаратылыш газы ээлейт, анын үлүшү 2003-жылы 79 пайызды түзгөн, ал эми аларды берүүнүн наркы 30,8 млн. АКШ долларына барабар. Импорттук түшүүлөрдө цемент жана жер семирткичтер сыяктуу товарлар да орун алган.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Тажикстан жана Украина менен соода жүгүртүлүшүнүн өсүшүнүн алгылыктуу ыргакта бара жаткандыгын баса белгилеп кетүү зарыл. **Тажик-**

**стан** менен соода жүгүртүүнүн өсүшү 2002 жана 2003-жылдарда 60 пайыздан төмөн арымда болуу менен 2003-жылы 21,9 млн. АКШ долларына жеткен.

**2.9.-график. Тажикистан менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Өсүштүн башкы фактору катары, экспорттун 2000-жылдагы 7,5 млн. АКШ долларынан 2003-жылдагы 18,9 млн. АКШ долларына чейин көбөйүүсүн атоого болот. Ал эми акыркы 5 жыл аралыгындагы импорт 4 млн. АКШ долларынан ашкан эмес. Мына ушул жылдар аралыгында Тажикстан менен активдүү соода балансы сакталып турган. Электрэнергиясы, ысытуу лампалары, кездемелер, токуу жиптери, кийим-кечектер, айнек жана шифер Тажикстанга экспорттогу башкы позициялардан болуп саналат. Импорт, эң башкысы курулуш материалдарынан, түстүү металл кендеринен жана чийки мунайзатынан турат.

**Украина** менен соода жүгүртүлүшүнүн жигердүү өнүгүшү импорттун эсебинен камсыз кылынууда. Экспорт акыркы төрт жыл ичинде үзгүлтүксүз жигердүү динамикага ээ болгон, ошондой болсо да анчалык (2003-жылы 5,4 млн. АКШ долларында) чоң эмес көлөмдө калууда.

**2.10.-график. Украина менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Кароого алынып жаткан өлкөлөргө товарлардын импорту 2003-жылы 12,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 60 пайызга көп. Экспорттун товардык структурасын пахта, ысытуу лампалары жана башка чийки заттык товарлар түзөт. Ал эми импортту - транспорттук каражаттар жана азыктүлүк товарлары түзөт.

Алыскы четөлкөлөрдүн ичинен Бириккен Араб Эмираттары жана Швейцария 2003-жылы негизги өнөктөштөрдөн болгон, алар тиешелүүлүгүнө жараша, 12 жана 9 пайызды ээлеген. Бирок, республиканын товар жүгүртүүсүндө ушул өлкөлөдүн үлүшүнүн жогору болушу аларга алтынды экспорттоого гана байланыштуу. **Швейцарияга** экспорт 117,9 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинен алтын 116,9 млн. АКШ долларын ээлейт. Ушул өлкөлөрдөн импорт 2003-жылы болгону 2,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул, акыркы 5 жыл ичиндеги импорттун орточо көлөмүнө барабар.

Ушундай эле жагдай **Бириккен Араб Эмираттары** менен соода жүргүзүүдө калыптанган. Бул жакка 2002-жылдан тартып алтынды кеңири экспорттоо башталган. 2003-жылда экспорттун көлөмүнүн 144,3 млн. АКШ долларын түзүүсү шартында импорт 7,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Алтын 142,7 млн. АКШ доллары суммасында экспорттолгон, бул 2002-жылдагы көлөмдөн 2,1 эсеге көп. Бириккен Араб Эмираттарынан импорттун товардык структурасын, эң башкысы эсептөө жана телекоммуникациялык жабдуулар жана автомобилдер түзөт.

**Кытай** менен соода жүргүзүүдө импорттун динамикалуу өнүгүүсү байкалган. Ошол эле учурда экспорт кескин өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 2003-жылы Кытай менен товар жүгүртүү болгону 1 пайызга гана көбөйгөн, ал эми соода тартыштыгы 45,3 млн. АКШ долларына чейин арткан.

**2.11.-график. Кытай менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Кытайга товарлардын экспорту 2003-жылы 23,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул бир жыл мурда жүзөгө ашырылган экспорттун 57 пайызына барабар. Булгары чийки заты, металл сыныктары жана жүн башкы статьяларынан болгон чийки затынын экспорту эки эседен көбүрөөккө кыскарган. Булгары чийки затынын экспортунун төмөндөөсү гана 11 млн. АКШ долларын түзгөн (18,9 млн. АКШ долларынан 7,8 млн. АКШ долларына чейин), бул, эң оболу, 2003-жылда баанын төмөн болушунан улам келип чыккан. Ушуга карабас-

тан керектөө товарларынын экспортунун туруктуу өсүшү катталган, алардын көлөмү отчеттук жылда 5,6 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2002-жылдагыга караганда 40 пайызга көп.

Кытайдан импорттун товардык структурасы жетшээрлик ар түрдүү, ошондой болсо да керектөө товарлары басымдуу кылат (2003-жылы 57 пайыз). Дал ошол керектөө товарлары 2003-жылда 44,3 млн. АКШ долларына жетүү менен акыркы эки жыл ичиндеги жогорку арымдагы жана туруктуу өсүштү тастыктоодо. Ар кайсы максаттарда колдонулуучу жабдуулар түрүндөгү инвестициялык товарлардын импортунун көлөмүнүн туруктуу өсүшкө ээ болуусу да мүнөздүү көрүнүш, бул, өз кезегинде аралык товарларынын ташылып келинишинин артышы менен катар эле өндүрүштүк багыт алган импорттун түптөлүп жаткандыгын тастыктоодо. Мунун далили катары Кытайдан тике инвестициялардын 2002-жылдагы салыштырганда 3,6 эсеге өсүшү жана 10,2 млн. АКШ долларына чейин жетишин атоого болот. Негизги товардык позициялардын болуп, кездемелер, кийим-кече жана бут кийим (31 млн. АКШ долларын түзгөн суммадагы), байланыш каражаттары, химиялык заттар жана азыктүлүк товарлары саналат.

**Түркия** менен сооданын салыштырмалуу салмагы 2003-жылы жалпы товар жүгүртүүнүн 2,8 пайызын түзгөн. Товарлардын экспорту отчеттук жылда үчтөн бирге төмөндөгөн, ал эми импорт 53 пайызга өскөн. Ошентип, Түркия менен соодада түптөлгөн дисбаланс 15 млн. АКШ долларына чейин өсүп кеткен.

**2.12.-график. Түркия менен соода балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




*УСКнын маалыматы боюнча*

Түркияга экспорттун товардык структурасында (алардын көлөмү 11 млн. АКШ долларын түзгөн) 54 пайызды керектөө товарлары ээлейт, төрттөн бирин энергопродукциялары, ал эми 18 пайызын чийки зат түзгөн. Керектөө товарлары, эң башкысы, экспорту 3,6 млн. АКШ долларына барабар болгон айылчарба өсүмдүктөрү жана башка азыктүлүк товарлары түрүндө көрсөтүлгөн. Өткөн жылдардагыга салыштырганда керосиндин экспорту биринчи жолу олуттуу мааниге ээ болгон, бул Түркиянын транспорттук компанияларынын ишинин активдешүүсүнө байланыштуу. Ошол эле учурда, инвестициялык товарлардын экспорту иш жүзүндө нөлгө барабар болуп калган. Чийки заттардын ичинен терилер жана пахта сыяктуу товарлар экспорттолгон.

Түркиядан товарлардын импорту 2003-жылы 26 млн. АКШ долларына барабар болуу менен анын 54 пайызы керектөө товарлары түрүндө көрсөтүлгөн. Керектөө товарларынын курамына тамакаш азыктары, кийим-кечелер, жуучу каражаттар жана эмеректер кирет. Аралык жана инвестициялык товарлар 5,9 млн. АКШ долларына барабар суммада импорттолгон. Бул топ кагаздын, пластмассанын, курулуш материалдардын, ар түрдүү машиналардын жана жабдууларын импорту түрүндө чагылдырылган.

Германия жана АКШ менен товар жүгүртүүнүн көлөмү арткандыгына карабастан, бул өлкөлөр менен соода негизинен бир тараптуу мүнөзгө ээ.

**АКШ** менен соода балансы 2003-жылы мурдагыдай эле 41, 4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан. Экспорт 6,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагыга караганда 5,6 эсеге төмөн. 2002-жылда экспорттун ири көлөмдө болушу республиканын аймагында жайгашып турган коалициялык күчтөрдүн аскер базасына авиакеросинин берүүгө байланыштуу болгон. 2003-жылдан тартып бул берүүлөр Канадага экспорт катары таризделе баштаган, анткени Канаданын компаниясы сатып алуучу катары иш алып барууда. Керосинден тышкары АКШ экспорту кийим-кече жана химиялык продукциялар түрүндө көрсөтүлгөн. АКШдан импорт 2002-жылдагы көлөмдөн иш жүзүндө өзгөрүүсүз калуу менен 47,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Мурдагыдай эле, АКШдан импорттун 3/4 акысыз негизде берилет, отчеттук жылда товардык гранттардын үлүшү АКШдан товарлардын бүтүндөй импортунун 64 пайызын түзгөн. Гранттардын товардык структурасы 2003-жылда медикаменттер, азыктүлүк жана кийим-кече түрүндө көрсөтүлгөн.

2002-жылга чейин **Германия** кыргыз алтынын негизги импорттоп алуучуларынан болгон, анын экспорту 148 млн. АКШ долларына жеткен. Ошондой болсо да, 2002-жылдан тартып Германияга экспорт 3 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Акыркы эки жылдагы импорт жабдуулар жана машиналар түрүндөгү инвестициялык товарлардын турган, албетте бул Германиядан импорттун товардык структурасы үчүн мүнөздүү көрүнүш. Ал эми автомобилдер, медикаменттер жана парфюмериялар түрүндө көрсөтүлгөн керектөө товарлары импорттогу башка бир олуттуу топтон болуп калууда.

## ЭЛАРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Өткөн жылдардан айрымаланып, **эларалык кызмат көрсөтүүлөрдүн** сальдосу 2003-жылы 7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо чыккан. Эларалык кызмат көрсөтүүлөрдүн жүгүртүүсү отчеттук жылда 302,8 млн. АКШ долларына жеткен, бул 2002-жылдагы деңгээлден 4,6 пайызга жогору.

**2.13.-график. Эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




Отчеттук жылда бардыгы болуп 154,9 млн. АКШ доллары суммасында **кызмат көрсөтүүлөр экспорттолгон.** Ал эми 2002-жылы бул көрсөткүч 142 млн. АКШ долларын түзгөн эле. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун структурасы иш жүзүндө өзгөрүүсүз калган жана "Кыдыруулар" статьясына жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө экспорттун басымдуу бөлүгү туура келген.

Жогоруда белгиленип кеткен "Кыдыруулар" статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 2002-жылдагыга салыштырганда 34 пайызга өсүү менен 47,8 млн. АКШ долларын түзгөн, муну биринчи кезекте, ушул статьяны статистикалык камтуунун кеңейтилиши, ошондой эле республикага келип жаткан четөлкө жарандарынын санын артышы менен түшүндүрүүгө болот. КМШ өлкөлөрүнүн республикага иш боюнча жана жеке максаттарында келишкен жарандарына көрсөтүлгөн кызматтардын наркы 12,1 млн. АКШ долларына өскөн, ал эми башка өлкөлөргө - болгону 0,9 млн. АКШ долларына жеткен.

Резидент эместерге көрсөтүлгөн транспорттук кызматтардын көлөмү 12 пайызга көбөйүү менен 42,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Аба жана темир жол транспортунда экспорттун эң эле жогорку көлөмү катталган жана алар тиешелүүлүгүнө жараша, 26,1 жана 10,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул Кыргызстан аркылуу товар жүгүртүүнүн өсүшү жана аба транспортунун таранзитинин артышы менен түшүндүрүлөт.

Мурдагыдай эле, кызмат көрсөтүүлөр экспортунун маанилүү статьяларынан болуп 2003-жылы да мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр саналган, ал 2002-жылдагыга караганда 3 пайызга азды түзүү менен 21,2 млн. АКШ долларына жеткен. 2002-жылдагыдан аз болуп калуунун себеби эларалык аскер базасынын, четөлкө элчиликтеринин жана өкүлчүлүктөрүнүн, эларалык уюмдардын чыгашаларынын төмөндөшүнүн натыйжасында келип чыккан.

**2.14.-график. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун структурасы жана көлөмү**
*(млн. АКШ доллары)*




Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн экспорту мурдагы жылдагыга салыштырганда 8,0 млн. АКШ долларынан 8,7 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн, роуминг кызматтурына суроо-талаптын азаюусу, мунун себеби.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн калган түрү маалыматтык, финансылык жана ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн кыскаруусунан улам 2002-жылдагыга салыштырганда 7 пайызга төмөндөгөн.

**Кызмат көрсөтүүлөр импорту** 2003-жылы 147,9 млн. АКШ долларында бааланган. Бул, 2002-жылдагыга караганда 3,3 млн. АКШ долларына аз. Кызмат көрсөтүүлөр импортунун төмөндөшүнө негизинен курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин (54 пайызга), финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн (65 пайызга), мамлекеттик (26 пайызга) жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин (18 пайызга) азаюусу таасирин ттийгизген.

**2.15-график. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун структурасы жана көлөмү**
*(млн. АКШ доллары)*




Кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүшү "Кыдыруулар" статьясы боюнча байкалган - ушул статья боюнча резиденттердин чыгашалары 2002-жылдагыга салыштырганда 68 пайызга өсүү менен 16,6 млн. АКШ долларын түзгөн, мында эң чоң көлөм (55 пайыз) алыскы четөлкөлөргө туура келген.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импорту 2002-жылдагыга салыштырганда 58, 6 млн. АКШ долларынан 47,8 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн, мында кыскаруу алыскы четөлкөлөрдөн сыяктуу эле, КМШ өлкөлөрүнөн транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрү боюнча байкалган.

Камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн импорту отчеттук жылда 63 пайызга көбөйүү менен 14,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул, олуттуу деңгээлде рездент эмес компаниялардан камсыздандыруу кызматтарынын ар кандай түрлөрүнөн пайдаланышкан резиденттердин санынын артышы, ошондой эле товарлардын импортунун демек, жүктөрдү камсыздандыруунун өсүшү менен шартталган.

Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр 6 пайызга көбөйүү менен 17,7 млн. АКШ долларынан 18,7 млн. АКШ долларына чейинкини түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү боюнча 23 пайызга төмөндөө (түшүп кетүү) байкалган, бул, камсыздандыруу, байланыш, курулуш жагынан жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүнүн төмөндөшүнөн улам жүргөн.

## КИРЕШЕЛЕР БАЛАНСЫ

Отчеттук жылы кирешелер балансы андан мурдагы жылдагы 56,2 млн. АКШ долларына караганда 61,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн. Кирешелер балансынын тартыштыгынын артышы эң башкысы, тике инвестициялар боюнча төлөөгө каралган кирешелердин өсүшүнүн натыйжасында келип чыккан.

**2.16-график. Кирешелер балансы**
*(млн. АКШ доллары)*




Тике инвестициялар боюнча кирешелер балансынын терс сальдосу 2002-жылдагыга салыштырганда 54,2 пайызга өсүү менен отчеттук жылда 27,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, реинвестицияланган кирешелердин терс балансынын олуттуу көбөйүүсү катталган, ушунун өзү кирешелердин жалпы балансынын тартыштыгынын өсүшүн аныктаган башкы фактор болуп саналат. Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча реинвестицияланган кирешелердин балансынын тартыштыгы 21,8 млн. АКШ долларын түзгөн жана ошону менен мурдагы жылдагы көрсөткүчтөн 2,4 эсеге (же 12,8 млн. АКШ долларына) ашкан. Бул, инвесторлор өзүнүн тапкан пайдасынын ири бөлүгүн тике четөлкө инвестицияларын алышкан ишканалардын ишин кеңейтүүгө багыттоого артыкчылык берип жаткандыгы жөнүндө айтып турат. Бөлүштүрүлгөн кирешелер балансынын терс сальдосу тескерисинче, 2002-жылдагы 0,3 млн. АКШ долларынан кароого алынып жаткан мезгилдеги 0,1 млн. АКШ долларына чейин кыскарган. Тике инвестициялануучу ишканалар тарабынан тартылган кредиттер боюнча кошуп эсептелинген пайыздардын көлөмүнүн кыскарышы карыздардан кирешелердин тартыштыгынын төмөндөшүн аныктаган. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча тышкы займдар боюнча пайыздык төлөмдөрдүн терс сальдосу бир жыл мурдагы 8,2 млн. АКШ долларына салыштырганда, 5,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Эң башкысы, коммерциялык банктардын четөлкө баалуу кагаздары менен жүргүзүлгөн операцияларынын натыйжасында түптөлгөн портфелдик инвестициялар боюнча кирешелердин оң балансы 2002-жылдын деңгээлинде сакталып калган жана отчеттук мезгил ичинде 0,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Башка инвестициялар боюнча кирешелердин тартыштыгы 16,5 пайызга кыскаруу менен 2003-жылы 22,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Кредиттер боюнча пайыздарды төлөөлөр түрүндөгү кирешелердин кыскаруусунун натыйжасында мына

ушундай олуттуу төмөндөө келип чыккан. Алып көрсөк, кирешелер балансынын кыйла ири статьяларынан болгон экономиканын мамлекеттик секторунун кредиттери боюнча пайыздарды төлөөнүн эсебине финансылык кражаттардын таза агылып чыгуусу 2002-жылдагы 26,9 млн. АКШ долларына караганда, 23,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Ошондой эле, ЭВФтин кредиттери боюнча кошуп эсептелинген пайыздардын көлөмү да кыскарган, алар отчеттук мезгил ичинде 1,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагыга салыштырганда 11 пайызга аз. Мында, үлүштүк катышта алганда бир кыйла олуттуу кыскаруу жеке тышкы карыздарды төлөөгө багытталган финансылык каражаттардын көлөмүнө туура келген, натыйжада, экономиканын жеке секторунун жана башка инвестициялар боюнча кирешелер балансынын терс сальдосу 2,4 эсеге кыскаруу менен 1,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул жерде ошондой эле, жеке сектордун тышкы займдары боюнча пайыздарды төлөөнүн эсебинде жүргүзүлгөн төлөмдөр толугу менен алтын кенин казып алуу секторунда иш алып барган ишканалардын кредиттери боюнча пайыздык төлөмдөр түрүндө көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын экономикасына келип түшкөн башка инвестициялар боюнча жана башка кирешелер да 18,9 пайызга төмөндөө менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 4,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Кыргызстандын экономикасында убактылуу иштеп жаткан резидент эмestердин эмгегине төлөөлөр 3,5 пайызга өсүү менен 12,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

## КҮНДӨЛҮК ТРАНСФЕРТТЕР БАЛАНСЫ

Күндөлүк трансферттер балансы 2003-жылы 111,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн. Бул, суммасы 108,4 млн. АКШ долларына барабар болгон 2002-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 26 пайызга көп. Ошондой болсо да, иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик секторго товардык жана финансылык ресурстардын таза агылып кирүүсүнүн төмөндөгөндүгү байкалган.

**2.17-график. Күндөлүк трансферттор**
*(млн. АКШ доллары)*




Республикага келип түшкөн расмий трансферттердин көлөмү отчеттук жылы андан мурдагы жылдагыга салыштырганда 43 пайызга түшүп кетүү менен 17 млн. АКШ долларын түзгөн. 2002-2003-жылдардын салыштырмалуу маалыматтары, республикага келип түшкөн расмий трансферттердин көлөмүнүн түшүп кетүүсүнүн негизги үлүшү акчалай гранттарга туура келгендигин чагылдырууда, алардын агымы кароого алынып жаткан жылы дээрлик 2 эсеге кыскарган. Руспубликанын бюджетине акчалай жардам көрсөтүү КЭСтин (6,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү) Нидерланддардын жана Швейцариянын гранттары түрүндө көрсөтүлгөн.

Расмий жана жеке секторго келип түшкөн товардык гранттар 2003-жылы 38,1 млн. АКШ долларын түзгөн жана бул 2002-жылдагыга салыштырганда 3,9 млн. АКШ долларына аз. Товардык гранттардын басымдуу бөлүгү АКШга туура келет - жалпы көлөмдүн 80 пайызы же 30,5 млн. АКШ доллары. Кытай жана Германия мамлекеттери да 3,5 млн. АКШ доллары суммасында товардык жардам көрсөтүшкөн. Гуманитардык жардамдардын ири бөлүгүн медикаменттер түзөт. Алардын үлүшүнө 60 пайыз туура келет, бул 22,3 млн. АКШ долларына барабар. Товардык структурага ошондой эле, тигилүү буюмдар жана өсүмдүк майлары да кирет. Четөлкөлөрдө иштеп жаткандардын акчалай которуулары 2003-жылда акысыз берилген каражаттардын көлөмүнүн өсүшүнүн негизги булагы болуп калган. Республикага келип түшкөн акча каражаттарынын таза агымы 65,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө бааланган. Которуулардын басымдуу бөлүгү (94 пайызы) акча каражаттарын тез которуунун электрондук системасы аркылуу жүзөгө ашырылган. Ушул система аркылуу четөлкө валюталарынын таза агылып кирүүсү 2003-жылда 58,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө бааланган, бул суммасы 23,3 млн. АКШ долларын түзгөн 2002-жылдагыга салыштырганда 2,5 эсеге жогору. Билим алууга жана башка максаттарга которууларды түшүндүргөн, ушул системалар боюнча Кыргызстандын чегинен тышкары акчанын агылып чыгуусу 3,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

# 3. КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЖАНА ФИНАНСЫ ОПЕРАЦИЯЛАРЫНЫН ЭСЕБИ

**Капитал менен операциялардын жана финансылык операцияларлдын эсебинин** сальдосу (төлөө балансын аналитикалык түрдө берүүдө) 2003-жылы 25,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс түптөлгөн, ал эми өткөн жыл 76,6 млн. АКШ долларында оң сальдодо чыккан эле. Мында, отчеттук мезгил капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгынын кыскарышы жана финансылык эсепте чагылдырылган финансылык каражаттардын таза алыгып чыгуусу менен мүнөздөлгөн.

**3.1.-график. Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби**
*(млн. АКШ доллары)*




## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЭСЕБИ

**Капитал менен операциялардын эсеби**[1] отчеттук жылда балансташкан, анын терс сальдосу төмөндөгөн жана 2002-жылдагы 7,9 млн. АКШ долларына караганда 0,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Республикага келип жаткандардын агымынын басандашы мунун себеби болуп саналат, алып көрсөк 2003-жылы кетип жаткандардын трансферттору боюнча таза агылып чыгуу 29 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2002-жылдагыга караганда 20,8 пайызга төмөн.

Товарлар түрүндө республикага берилген капталдык гранттардын көлөмү отчеттук мезгилде 8,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Республика тарабынан алынган товардык гранттардын ири бөлүгү (52 пайызы) транспорттук каражаттар, айылчарба техникалары жана медициналык жабдуулар түрүндө берилген. Негизги берүүлөр Финляндия жана Германия тарабынан - тиешелүүлүгүнө жараша 28 жана 12 пайызда жүзөгө ашырылган.

[1] 2002-жылдан бери техникалык жардамдар боюнча маалыматтар капитал менен операциялар эсебинде чагылдырылып келүүдө.

Республикага 2003-жылы көрсөтүлгөн техникалык жардамдар 20 млн. АКШ долларында бааланган. Бул жардам, эң башкысы косультациялык кызматтарды көрсөтүү, илимий изилдөө иштерин каржылоо түрүндө көрсөтүлгөн.

## ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ЭСЕБИ

Отчеттук жылы он бир жыл аралыгында биринчи жолу **финансы эсеби** 25,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн, мында 2002-жылдагыдан айрымаланып жеке сектордун, өзгөчө коммерциялык банктардын тышкы финансылык ресурстар менен операциялары басымдуу жүргүзүлгөн.

**Тике четөлкө инвестицияларынын** республикага таза агылып кирүүсү 2003-жылы 45,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Тике четөлкө инвестицияларынын көлөмү 5 млн. АКШ долларынан жогору болбогон 2002-жылдагыга салыштырганда 2003-жылы 9,7 эсеге өсүштүн катталышы республиканын инвестициялык ыңгайлуулугу сыяктуу эле, республикада иштеп жаткан тике инвестицияланууучу ишканалардын пайда алуусунун арткандыгы жөнүндө тастыктап турат.

Тике инвестициялардын компоненттеринин ичинен эң чоң көлөм "Реинвестицияланган пайда" статьясына туура келген, анын көлөмү 21,8 млн. АКШ долларына барабар болгон. Алардын продукцияларына баа коньюнкутурасынын жакшыруусу катары тоокендерин казып алуу өнөржай ишканаларынын алгылыктуу финансылык натыйжалары ушул статьянын кескин өсүшкө ээ болуусунун себеби болуп калган. Тике инвестициялардын башка маанилүү жана айкын компонентинин - "Капиталга салымдардын" көлөмү 2002-жылдагыга салыштырганда 3 эсеге өсүү менен 14,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Тике инвестицияланууучу ишканаларды сатып алуу жана түзүү максатында 2003-жылы кыргыз экономикасына активдүү салым кошкон өлкөлөрдөн болуп Түркия (бул мамлекеттен инвестициялардын таза агылып кирүүсү 10,1 млн. АКШ доллары) саналат.

Тараптардын узак мөөнөттүү мамилелерин камтыган "Жана башка тике четөлкө инвестициялары" деп аталган үчүнчү кичи статья дагы 8,8 млн. АКШ долларында оң түптөлгөн, ал эми өткөн үч жыл ичинде тике инвесторлордон алынган кредиттерди төлөөнүн алардын агылып киришинен артып турушунан улам, бул статьянын балансы терс түптөлүп келген. Тике инвесторлордон 4,5 млн. АКШ доллары суммасында кредиттер алынган, ал эми кредиттик карыздын өсүшү 3,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Бүтүндөй алганда, тике инвестициялардын

эң ири көлөмүн кен казып алуу өнөржайы, билим берүү мекемелери жана соода алышкан.

Төлөө балансынын көзкарашынан алганда **портфелдик инвестициялар** аны тышкы каржылоонун каражаты катары анчалык деле олуттуу роль ойнобойт. Тартылган портфелдик инвестициялардын таза көлөмү 2003-жылы 6 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2002-жыл 12 млн. АКШ долларын өлчөмүндө таза агылып чыгуу менен мүнөздөлгөн.

Милдеттенмелерге тиешелүү портфелдик инвестициялардын агылып кирүүсү резидент эместердин кыргыз ишканаларынын, негизинен отун-энергетикалык комплекстин акцияларын сатып алуусунун эсебинен 5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Коммерциялык банктардын четөлкө баалуу кагаздарын сатып алуу-сатуу боюнча ишинин активдешүүсү байкалууда. Эгерде, 2003-жылдын алгачкы 9 айы ичинде мурда сатылып алынган баалуу кагаздар 8,1 млн. АКШ долларына азайган болсо, 4-квартал ичинде көбөйүү 7,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Жыйынтыгында, резиденттердин тышкы активдери 2,5 млн. АКШ долларына көбөйгөн 2002-жылдагыга салыштырганда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде инвестициялардын ушул түрү боюнча резидент эместерге талаптардын 1,1 млн. АКШ долларына азайгандыгы байкалган.

Милдеттенмелердин **"Финансылык деривативдер"** статьясы боюнча 20 млн. АКШ долларына төмөндөөсү, алтындын баасын хеджддөө боюнча контрактыларды аткаруу максатында каражаттарды төлөөнү түшүндүрөт. Эгерде 1999-2001-жылдары аталган статья дүйнөлүк алтынга баанын төмөн болгондугуна байланыштуу (капиталдын агылып кирүүсү) оң түптөлгөн болсо, 2002 жана 2003-жылдары баалардын жогорулашынан улам өзгөрүүгө дуушар болгон.

**3.2.-график. Алтынга дүйнөлүк баанын жана хеджддөөдөн алынган кирешелердин байланышы**




Мурдагы жылдары адаттагыдай эле, оң балланска ээ болгон **"Башка инвестициялар"** статьясы, биринчи жолу 56,2 млн. АКШ долларында терс сальдодо түптөлгөн, ал эми 2002-жылы инвестициялардын бул түрү боюнча 97,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө капиталдын таза агылып кирүүсү катталган. Жана башка инвестициялардын балансынын өзгөрүүсү тышкы активдердин олуттуу көбөйүүсү менен шартталган (өткөн жылдагы анын төмөндөөсүнө караганда) жана бул Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы милдеттенмелеринин кыскаруусу шартында жүргөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы активдердин өсүшү, 2002-жылдагы алардын 21,5 млн. АКШ долларына түшүүсүнө караганда 78,1 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, четөлкө активдеринин структурасында бардык негизги статьялар боюнча өсүш белгиленген.

Ошентип, эң башкысы, накталай акчалар жана депозиттер менен операциялардын натыйжасында коммерциялык банктардын тышкы активдери, мурдагы жылдын көрсөткүчүнөн 17 пайызга ашуу менен 49,5 млн. АКШ долларына өскөн. Кошумча кардарларды тартууну улантуу максатында кыргыз банктарынын четөлкө банктары менен корреспонденттик мамилелерин жигердүү кеңейтүүсү буга негизги салымын кошкон, ошону менен бирге эле ал коммерциялык банктар аркылуу өтүп жаткан операциялардын санынын жана көлөмүнүн артышына өбөлгө түзгөн. Коммерциялык банктардын резидент эместерге карата башка талаптарынын үлүшү 8 пайызга өскөн, мында накталай четөлкө валютасындагы операцияларга негизги басым жасалган.

Ишканалардын өзара төлөмдөрү проблемасы мурдагыдай эле орун алууда. Отчеттук мезгил ичинде дебитордук карыздын өсүшү 18,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Көбөйүп кеткен карыздын негизги суммасы тейлөө чөйрөсүнө, энергетика секторуна жана кайра иштетүү өнөржайы тармагына туура келген. Ошондой эле, ишканалардын четөлкөлөрдөгү эсептериндеги тышкы активдердин жана "Жана башка активдер" катары классификацияланган активдердин төмөндөшү менен мүнөздөлгөн 2002-жылдагыдан айрымаланып, аталган статьялар боюнча четөлкө активдеринин өсүшү 2003-жылы тиешелүүлүгүнө жараша, 8,4 жана 2,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Базалык мезгилдегиге караганада тышкы милдеттенмелердин өсүш арымы үч жарым эсеге төмөндөгөн жана отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 21,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Тышкы милдеттенмелердин өсүш арымынын кыскаруусун аныктаган башкы факторлордун бири болуп, көлөмү карыздык каражаттардын каршы агылып кирүүсүнөн

артып турган кредиттер боюнча амортизациялык төлөмдөрдүн олуттуу көбөйүшү саналат, анын натыйжасында 2003-жылы биринчи жолу "Кредиттер" статьясы боюнча 22,7 млн. АКШ доллары көлөмүндө капиталдын агылып чыгуусу катталган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча амортизациялык төлөмдөрдүн эң чоң өсүшү экономиканын жеке секторуна, атап айтканда, алтын казып алуу секторунун ири ишканаларынын кредиттери боюнча катталган. Отчеттук мезгил ичинде жеке карыз боюнча негизги суммалардын ордун жабууга багытталган финансыдлык каражаттардын көлөмү үч эсеге көбөүү менен 60,6 млн. АКШ долларын түзгөн, мында 60,0 млн. АКШ долларын алтын кенин иштетүүгө тартылган тышкы карыздар боюнча негизги суммаларды төлөөлөр түзгөн. Экономиканын мамлекеттик секторунун негизги карызын төлөөгө багытталган финансылык каржаттардын көлөмү да 11,4 пайызга көбөйүп, 41,6 млн. АКШ доллары өлчөмүнө жеткен.

Мында, мамлекеттик секторго карыздык каражаттардын агылып кирүүсү тескерисинче, 88,1ден 71,1 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн, бул МИПтин долбоорлорунун чегинде тышкы карыз алуулардын көлөмүнүн кыскаруусу менен шартталган. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча МИПтин кредиттери боюнча өздөштүрүлгөн каражаттардын суммасы 14,1 пайызга төмөндөө менен 65, 9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы милдеттенмелердин өсүш арымынын басаьдоосуна таасирин тийгизген башка бир фактордон болуп, кредиттик карыздардын оң сальдосунун 2002-жылдагы 12,7 млн. АКШ долларынан отчеттук мезгил ичиндеги 9,9 млн. АКШ долларына чейин кыскаруусу саналат, мында карыздардын эң эле олуттуу суммасына кайра иштетүү өнөржай ишканаларында, транспорт, байланыш жана даярдоо уюмдарында түптөлгөн.

Коммерциялык банктардын кыска мөөнөттүү четөлкө милдеттенмелери 2003-жылы тескерисинче, өсүшкө ык коюусун сактап туруу менен 36,6 млн. АКШ долларына (же 12 пайызга) чейин көбөйгөн. Бул жагдай резидент эместердин кыргыз коммерциялык банктарында жайгашытырылган депозиттеринин арттышы менен шартталган.

Отчеттук жылда **"Каталар жана калтырып кетүүлөр"** статьясы 58,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан. Бул, катарына алып-сатарлардын экспортунун, четөлкөдө иштеп жаткандардын республикага которууларын жана жеке сектордун карыз алууларын чегерүүгө мүмкүн болгон кредиттик операциялардын жетиштүү эсепке алынбай жаткандыгын көрсөтүп турат.

Төлөө балансын **каржылоо** 7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде бааланган. Ушул статьянын башкы компоненти болуп саналган эларалык резервдер 50,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн[2]. Буга, мамлекеттик тышкы карызды иш жүзүндө тейлөөнүн анчалык чоң эмес өлчөмү сыяктуу эле, валюта рыногундагы валюта түрүндөгү каражаттардын үстөк болуп турушу өбөлгө түзгөн. ЭВФтин кредиттеринин таза агылып чыгуусу 0,9 млн. АКШ долларын түзгөн, бул ушул компоненттин төлөө балансын каржылоого салымынын жоктугун чагылдырып турат. Париж Клубунун чегинде 43 млн. АКШ доллары суммасындагы кредиттерди реструктуризациялоо каржылоонун маанилүү статьясынан болуп калган. Мында, 2003-жылда дүң эларалык резервдер 22,8 пайызга өсүү менен 389 млн. АКШ долларын түзгөн, бул отчеттук мезгил ичинде товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун 5,8 айын жабууну камсыз кылган.

**3.3.-график. Эларалык резервдер**




[2] Алмашуу курсунун өзгөрүлүп туруусунун жана төлөө балансын түзүүнүн эрежелерине ылайык баалардын өзгөрүүсүнү эсебинен резервдердин өзгөрүүгө дуушар болуусун эске албастан.

# 4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ КАРЫЗЫ[1]

## ТЫШКЫ КАРЫЗДЫН 2003-ЖЫЛДЫН АКЫРЫНА КАРАТА СТРУКТУРАСЫ

Номиналдык тышкы карыздын (алынган жана төлөнбөгөн) 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата жалпы көлөмү 1965,7 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинен:

- мамлекеттик тышкы карыз - 1773,6 млн. АКШ долларын, анын ичинде ЭВФтин кредиттери боюнча карыз 201,9 млн. АКШ долларын;
- жеке сектордун карызы - 192,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Республиканын өз алдынчалыкка ээ болуусунун алгачкы жылдары тышкы рыноктордо ресурстарды карыз адлууда тажрыйбанын жетишсиздиги карыздын структурасынан да көрүнгөн. Алып көрсөк, жеңилдетилбеген шарттарда карызга алынган мамлекеттик карыздын үлүшү 1992-жылы 100 пайызды түзгөн, ал эми 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата анын үлүшү 25,4 пайызга чейин төмөндөгөн, демек, жеңилдетилген займдардын салыштырмалуу салмагы отчеттук жылы бүтүндөй тышкы карыздын 74,6 пайызына жеткен (4.1.-графикти караңыз).

**4.1.-график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын карыз алуу шарттары боюнча структурасы**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата, пайыздарда*




Кыргыз Республикасынын тышкы карызы түзүмү расмий кредиторлордун милдеттенмелеринен көп тараптуу жана эки тараптуу милдеттенмелерден турат. Алардын үлүшүнө 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча тиешелүүлүгүнө жараша, 61,4 жана 28,4 пайыз туура келген. Жеке сектордун мамлекет тарабынан гарантияланбаган кредиттери 9,8 пайызды түзгөн, ал эми ушул эле учурда мамлекет тарабынан гарантияланган жеке карыздын тышкы карыздын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы 0,5 пайызды түзгөн. Тышкы карыздын карыз алуу булактары боюнча түзүмү 4.2-графикте келтирилген.

**4.2.график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы булактар боюнча**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча, жыйынтыкка карата пайыздар менен*




Кыргыз Республикасынын көп тараптуу кредиторунан болуп, үлүшү 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата тышкы карыздын бүтүндөй суммасынын 30 пайызын түзгөн Дүйнөлүк банк, АӨБ (10,8 пайыз), ЭВФ (11,5 пайыз) жана ЕБРР (2,3 пайыз) сыяктуу эларалык институттарды атоого болот. Көп тараптуу кредиторлордун кредиттери экономиканы структуралык жаткан кайра өзгөртүп түзүү, айылчарбасын өнүктүрүү, социалдык жактан коргоого алуу, транспорт жана коммуникацияны өнүктүрүү, инфраструктураларды реабилитациялоо, финансы системасына жардам көрсөтүү жана аны өнүктүрүү, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү программаларын каржылоого алган.

**4.3.-график. Кыргыз Республикасынын көп тараптуу карызы**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата, пайыздарда*




Кыргыз Республикасынын негизги эки тараптуу кредиторлорунун бири болуп Япония (милдеттенмелердин бүтүндөй суммасынын 13,1 пайызы) жана Россия (9,6 пайыз) саналат. Мындан тышкары, республиканын эки тараптуу карызы Түркия, Германия, Пакистан, Индия жана башка өлкөлөрдүн экономиканын ар кандай секторлорун каржылоого алышынын эсебинен, ошондой эле КМШ

[1] Улдуттук банктын маалыматтары боюнча.

өлкөлөрүнүн техникалык кредиттерин мамлекеттик кредиттерге кайрадан тариздөөнүн натыйжасында түптөлгөн.

**4.4.-график. Кыргыз Республикасынын эки тараптуу карызы**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине караты, пайыздарда*




Карыздын структурасын белгиленген финансылык шарттар боюнча иликтеп көрүүнүн негизинде, республиканын карызы негизинен жеңилдетилген финансылык ресурстардан тура тургандыгын белгилеп кетүүгө болот.

## МАМЛЕКЕТТИН 1993-ЖЫЛДАН БЕРКИ ТЫШКЫ КАРЫЗЫНЫН ӨЗГӨРҮҮ ДИНАМИКАСЫ

Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата мамлекеттик тышкы карызы 1773,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Ал эми 1994-жылы анын өлчөмү болжол менен алганда 430 млн. АКШ долларында эле. Кыргыз Республикасынын 1993-жылдан 2003-жылга чейинки мезгил аралыгындагы тышкы карызынын өзгөрүү динамикасы 4.5-графикте келтирилген.

**4.5.-график. Кыргыз Республикасынын 1993-2003-жылдар аралыгында тышкы карызынын өсүш арымдары**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине караты, пайыздарда*




Ошентип, Кыргызстан кирешеси төмөн жана сырттан өтө эле көп карыз алган өлкөлөрдүн катарына кирет, ошодой эле карыздары туруктуу эмес мүнөзгө ээ.

Республиканын карызынын оорчулугун аныктоо үчүн эки эң маанилүү макроэкономикалык параметрлерге тиешелүү карыздын оорчулугунун өлчөмүн чагылдырган жана мамлекеттин тышкы мамлекеттик карызды тейлөө үчүн валюталык түшүүлөрүн тескөө (генерировать) жөндөмдүүлүгүн аныктоочу карыздык коэффициенттер колдонулат.

Алып көрсөк, 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын тышкы карызы төмөнкү негизги көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн:

- тышкы карыз/ИДП 102,3%
- тышкы карыз/товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 263,8%
- МТК/ИДП 92,3%
- МТК/товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту 238,0%

**4.6.-график. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын коэффициенти**
*2004-жылдын үчтүн айынын бирине караты, пайыздарда*




Өткөн жылдарга салыштырганда 2003-жылы Кыргыз Республикасында карызды тейлөөгө учурдагы жөндөмдүүлүктү чагылдырган карыздык көрсөткүчтөрдүн төмөндөөсү белгиленген.

Республикалык бюджеттин кирешелеринин жалпы суммасындагы тышкы карызды тейлөөгө кеткен чыгашалардын үлүшү маанилүү көрсөткүчтөн болуп саналат. Кыргызстан үчүн бул көрсөткүч 2001-жылдагы 22,3 пайыздан 2003-жылдагы 3 пайызга төмөндөтүлгөн.

**4.1.-таблица. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын республикалык бюджеттин кирешелеринде тейлениши**

| Корсоткүч | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 прогноз |
|---|---|---|---|---|
| Бюджетке кирешелер *(млн. АКШ долларында)* | 258,9 | 306,6 | 368,5 | 379,9 |
| Мамлекеттик карызды тейлөө - бюджеттик чыгашалар *(млн. АКШ долларында)* | 57,8 | 11,1 | 11,2 | 16,6 |
| Мамлекеттик карызды тейлөөнүн бюджеттик кирешелерге карата мамилеси *(пайыздарда)* | 22,3 | 3,6 | 3,0 | 4,4 |

*Улуттук банктын маалыматы боюнча*
Эсепке алууда АКШ долларынын сомго карата орточо жылдык курсу пайдаланылган

Жогоруда келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, кредиторлордун Париж Клубунда карызды реструктуризациялоо жөнүндөгү макулдашууга жетишүү финансылык туруктуулуктун көрсөткүчүн жакшыртууга таасирин тийгизген. Бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тышкы карызды тейлөө проблемасын чечүү үчүн өзүнүн карыз алуу саясатын карап чыккандыгы менен түшүндүрүлөт. Ал саясатта грант-элементи деминде 45 пайызды түзүүгө тийиш болгон жеңилдетилген займдарды гана тартуу, критерийлердин бири катары аныкталган.

Париж Кулубу алдында реструктуризациялоонун ишке ашырылышы Кыргыз Республикасына 2002-2004-жылдарда утурумдук ликвиддүүлүк проблемасын чечүүгө өбөлгө түзгөн. 2002-жылдын жалган куран айынын жетисинде Кыргыз Республикасы кредиторлордун Париж Клубу менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында тышкы карызды тейлөө боюнча төлөөлөрдүн мөөнөтүн узартуу жана эки тараптуу карызды Хьюстон ыңгайлуу шарттарында реструктуризациялоо мүмкүнчүлүгүн алган. 2004-жылдын үчтүн айынын бирине карата абал боюнча, Париж Клубунун мүчөсү болуп саналбаган Араб Экономикалык Өнүгүү Кувейт фондун эске албаганда, сүйлөшүүлөр ишке ашырылып, өкмөттөр аралык келишимдерге кол коюлуп, карызды реструктуризациялоо жөнүндөгү ноталар менен алмашуу ишке ашырылган:

- *Париж Клубуна мүчө болгон өлкөлөр* - Германия, Франция, Дания, Россия, Япония менен;
- *Париж Клубуна мүчө болбогон айрым өлкөлөр* - Түркия, Өзбекстан, Корея менен. Кытай мамлекети менен 2003-жылдын теке айында келишимге кол коюлган. Учурда аны күчөнө киргизүү үчүн мамлекеттик ички жол-жоболор ишке ашырылууда;
- *Париж Клубуна мүчө болбогон башка өлкө* - Индия менен 2003-жылдын жетинин айында сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, протоколго кол коюлган. Ага ылайык Индиянын кредитин реструктуризациялоо жөнүндөгү Келишим парафирленген; Пакситан менен 2004-жылдын үчтүн айынын отуз биринде карызды реструктуризациялоо жөнүндө сүйлөшүүлөр өтөкөрүлүп, эки тараптуу келишимге кол коюлган.

Париж Клубунда жетишилген макулдашуулар Кыргызстанга орто мөөнөттүк мезгил аралыгына каралган ликвиддүүлүк проблемасын чечүүгө мүмкүндүк берген.

**4.2.-таблица. Мамлекеттик тышкы карызды реструктуризациялоо таасири (эффекти)**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2002 | 2003 | 2004 | Итого |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнүн алгачкы графиги (мамбюджеттин чыгашалары) | 39,9 | 71,2 | 52,0 | **163,1** |
| Реструктуризациялоодон кийин мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнүн графиги (мамбюджеттин чыгашалары) | 11,1 | 11,2 | 16,6 | **38,9** |
| Реструктуризациялоо эффекти | 28,8 | 60,0 | 35,4 | **124,2** |

*Улуттук банктын баа берүүсү боюнча*

Карыздын туруктуу мүнөзү карызгер өлкөнүн утурумдук жана келечектеги тышкы милдеттенмелерди толук көлөмүндө, кредиторлорго реструктуризациялап берүү өтүнүчү менен кайрылбастан эле төлөөгө же мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген төлөмдөрдү аккумуляциялоого жөндөмдүүлүгүн чагылдырат. Карыздын мына ушундай мүнөзгө ээ болуусу үчүн тышкы карызды реструктуризациялоого багытталган иш-чараларды жүргүзүү гана жетиштүү болуп саналбайт. Мында, экономикалык өсүштү жана товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун өсүшүнүн тышкы карыздын көлөмүнүн өсүшүнө салыштырганда озгон темпте жүрүшүн камсыз кылуу маанилүү фактордон болуп саналат. Бул жерде, экспорттун өсүшү менен карыздын туруктуулугунун ортосундагы тике көзкарандылыктын орун алышы байкалууда, аны 4.7.-графиктен көрүүгө болот. 2000 жана 2003-жылдардагы экспорттун тышкы карыздын өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшү, тышкы карыздын жогоруда белгиленген мүнөзгө ээ болуусуна оңтойлуу таасирин тийгизген.

Кыргыз Республикасында кыска мөөнөт аралыгында экспорттун бир азга көбөйүүсүнүн болжолдонуп жатышы жана анын тышкы карыздын өсүш арымына салыштырганда озуп туруусу, ошондой эле тышкы карызды тейлөө боюнча төлөмдөрдүн мөөнөтүнүн узартылышы ага (карыздын туруктуулугуна) оңтойлуу таасирин тийгизиүү менен тышкы карызды өз учурунда тейлөөгө өбөлгө түзөт.

**4.7.-график. Карыз алышуу туруктуулугу**
*(пайыздарда)*



## 4.3-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы

| | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК [1] *(млн. АКШ доллары)* | 1 647,4 | 1 703,8 | 1 677,7 | 1 784,6 | 1 965,7 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(ИДПга пайыздарда [2])* | 134,4 | 124,6 | 109,6 | 110,6 | 102,3 |
| Бир мезгилдин акырына карата ЖТК *(экспортко карата пайыздарда [3])* | 312,3 | 297,5 | 299,3 | 278,8 | 263,8 |
| ЖТК [4] боюнча төлөө графиги (млн. АКШ доллары) | 137,1 | 160,8 | 172,5 | 134,3 [6] | 164,5 [6] |
| ЖТК [4] боюнча иш жүзүндө төлөнгөндөр (млн. АКШ доллары) | 111,4 | 154,7 | 171,1 | 115,8 | 132,8 |
| ЖТКны тейлөө коэффициенти (экспортко карата пайыздарда) | | | | | |
| - график боюнча | 26,0 | 28,1 | 30,8 | 21,0 [6] | 22,1 [6] |
| - иш жүзүндө | 21,1 | 27,0 | 30,5 | 18,1 | 17,8 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК [5] *(млн. АКШ доллары)* | 1 314,4 | 1 399,2 | 1 441,5 | 1 584,8 | 1 773,6 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(ИДПга пайыздарда [2])* | 107,2 | 102,3 | 94,2 | 98,2 | 92,3 |
| Бир мезгилдин акырына карата МТК *(экспортко карата пайыздарда [3])* | 249,2 | 244,3 | 257,2 | 247,6 | 238,0 |
| МТК [4] боюнча төлөө графиги (млн. АКШ доллары) | 53,4 | 77,6 | 71,7 | 86,7 [6] | 96,9 [6] |
| МТК [4] боюнча иш жүзүндө төлөнгөндөр (млн. АКШ доллары) | 30,4 | 48,1 | 71,7 | 69,0 | 54,0 |
| МТКны тейлөө коэффициенти (экспортко карата пайыздарда) | | | | | |
| - график боюнча | 10,1 | 13,5 | 12,8 | 13,5 [6] | 13,0 [6] |
| - иш жүзүндө | 5,8 | 8,4 | 12,8 | 10,8 | 7,2 |

[1] Жалпы тышкы карыз (жеке ЭВФтин кредиттин кошо алганда).
[2] Жыдык ИДПга карата.
[3] Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жылдык экспортуна карата.
[4] Пайыздардарды жана негизги сумманы төлөөрдү камтыйт.
[5] Мамлекеттик тышкы карыз (ЭВФтин алдындагы карызды кошо алганда).
[6] Кредиторлордун Париж Клубунун алкагында эки тараптуу карызды реструктуризациялоону эске албаганда.

4.4-таблица: Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлор боюнча структурасы
*(бир мезгилдин акырына карата абал боюнча)*

| | 1997 | | 1998 | | 1999 | | 2000 | | 2001 | | 2002 | | 2003 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* | *млн. АКШ долл.* | *жыйын. карата %менен* |
| **Тышкы карыз (1+2): (жыйынтыгы)** | **1 356,1** | ***100,0*** | **1 480,3** | ***100,0*** | **1 647,4** | ***100,0*** | **1 703,8** | ***100,0*** | **1 869,9** | ***100,0*** | **1 784,6** | ***100,0*** | **1 965,7** | ***100,0*** |
| **I. Мамлекеттик ж/а мам. тараб гарантиялантан карыз (1.1+1.2+1.3):** | **951,5** | ***70,2*** | **1 093,3** | ***73,9*** | **1 314,4** | ***79,8*** | **1 399,2** | ***82,1*** | **1 619,0** | ***86,6*** | **1 584,8** | ***88,8*** | **1 773,6** | ***90,2*** |
| **I.1 Коп тараптуу карыз[1]:** | 594,1 | *43,8* | 715,9 | *48,4* | 837,3 | *50,8* | 893,9 | *52,5* | 1 102,2 | *58,9* | 1 068,3 | *59,9* | 1 211,7 | *61,6* |
| ЭВФ | 166,0 | *12,2* | 175,1 | *11,8* | 192,2 | *11,7* | 191,6 | *11,2* | 199,8 | *10,7* | 185,2 | *10,4* | 201,9 | *10,3* |
| Дүйнөлүк банк | 265,0 | *19,5* | 330,4 | *22,3* | 341,2 | *20,7* | 374,8 | *22,0* | 466,9 | *25,0* | 457,0 | *25,6* | 525,1 | *26,7* |
| Реконструкциялоо жана Өнүгүүнүн Европа банкы | 50,3 | *3,7* | 57,2 | *3,9* | 56,4 | *3,4* | 65,1 | *3,8* | 48,2 | *2,6* | 48,6 | *2,7* | 39,7 | *2,0* |
| Азия Өнүгүү банкы | 110,8 | *8,2* | 150,5 | *10,2* | 233,8 | *14,2* | 240,9 | *14,1* | 349,0 | *18,7* | 341,2 | *19,1* | 399,9 | *20,3* |
| КЕС [2] | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* |
| Реконструкциялоо жана Өнүгүүнүн Ислам банкы | 1,8 | *0,1* | 1,7 | *0,1* | 6,9 | *0,4* | 10,3 | *0,6* | 20,0 | *1,1* | 18,6 | *1,0* | 24,3 | *1,2* |
| А/чарбасын өнүктүрүүнүн эларалык Фонду | 0,2 | *0,0* | 1,1 | *0,1* | 2,0 | *0,1* | 4,0 | *0,2* | 5,9 | *0,3* | 5,7 | *0,3* | 7,0 | *0,4* |
| ОПЕК | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 2,3 | *0,1* | 6,9 | *0,4* | 6,7 | *0,4* | 7,3 | *0,4* |
| Түндүк Өнүгүү Фонду | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 4,8 | *0,3* | 4,9 | *0,3* | 5,5 | *0,3* | 5,3 | *0,3* | 6,4 | *0,3* |
| **I.2. Эки тараптуу карыз** | 333,6 | *24,6* | 353,7 | *23,9* | 430,3 | *26,1* | 465,2 | *27,3* | 506,9 | *27,1* | 506,5 | *28,4* | 552,2 | *28,1* |
| **I.2.1 КМШ өлкөлөрү:** | 154,0 | *11,4* | 152,9 | *10,3* | 170,9 | *10,4* | 178,6 | *10,5* | 182,9 | *9,8* | 182,4 | *10,2* | 182,4 | *9,3* |
| Россия [3] | 132,8 | *9,8* | 139,1 | *9,4* | 157,1 | *9,5* | 166,2 | *9,8* | 171,5 | *9,2* | 171,1 | *9,6* | 168,6 | *8,6* |
| Өзбекстан | 21,2 | *1,6* | 13,8 | *0,9* | 13,8 | *0,8* | 12,4 | *0,7* | 11,3 | *0,6* | 11,3 | *0,6* | 13,8 | *0,7* |
| Казакстан [2] | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* |
| Түркмөнстан [2] | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* |
| **I.2.2 Жана башкалар** | 179,6 | *13,2* | 200,9 | *13,6* | 259,4 | *15,7* | 286,6 | *16,8* | 324,0 | *17,3* | 324,0 | *18,2* | 369,8 | *18,8* |
| Түркия | 45,3 | *3,3* | 41,0 | *2,8* | 41,0 | *2,5* | 41,0 | *2,4* | 44,9 | *2,4* | 44,5 | *2,5* | 45,8 | *2,3* |
| Япония [3] | 99,5 | *7,3* | 116,0 | *7,8* | 161,9 | *9,8* | 183,5 | *10,8* | 191,5 | *10,2* | 197,0 | *11,0* | 229,8 | *11,7* |
| Германия [3] | 20,3 | *1,5* | 23,8 | *1,6* | 21,1 | *1,3* | 20,4 | *1,2* | 28,8 | *1,5* | 26,5 | *1,5* | 37,1 | *1,9* |
| Швейцария [2] | 0,2 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* |
| Пакистан | 10,0 | *0,7* | 10,0 | *0,7* | 10,0 | *0,6* | 8,9 | *0,5* | 8,4 | *0,4* | 8,4 | *0,5* | 8,4 | *0,4* |
| Кытай | 3,2 | *0,2* | 2,5 | *0,2* | 1,5 | *0,1* | 1,2 | *0,1* | 11,3 | *0,6* | 10,3 | *0,6* | 8,0 | *0,4* |
| Франция [3] | 1,0 | *0,1* | 4,4 | *0,3* | 3,8 | *0,2* | 3,5 | *0,2* | 4,3 | *0,2* | 4,1 | *0,2* | 5,0 | *0,3* |
| Кувейт фонду | 0,1 | *0,0* | 0,5 | *0,0* | 1,3 | *0,1* | 7,7 | *0,4* | 15,2 | *0,8* | 13,0 | *0,7* | 15,5 | *0,8* |
| Индия | 0,0 | *0,0* | 2,8 | *0,2* | 2,8 | *0,2* | 1,2 | *0,1* | 0,9 | *0,1* | 0,9 | *0,1* | 1,0 | *0,0* |
| Корея | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 13,2 | *0,8* | 12,7 | *0,7* | 12,8 | *0,7* | 13,5 | *0,8* | 14,1 | *0,7* |
| Дания [3] | 0,0 | *0,0* | 0,0 | *0,0* | 2,7 | *0,2* | 6,5 | *0,4* | 5,8 | *0,3* | 5,8 | *0,3* | 5,0 | *0,3* |
**Кирешелер.** Бул статья өзүнө төлөөлөрдүн жана өндүрүш факторлорун атап айтканда, эмгек жана капиталды пайдалангандык үчүн түшүүлөрдү камтыйт жана эки счетко: эмгекке төлөөлөр жана инвестициялар боюнча кирешелер счетуна бөлүнөт. Эмгекке төлөөлөр резидент эместер тарабынан Кыргыз Республикасынын резиденттеринен алынган же тескерисинче, айлык акыларды камтыйт. Тике, портфелдик жана башка инвестициялар боюнча кирешелер өзүнө түшүүлөрдү жана резиденттердин четөлкө финансылык активдери жана милдеттенмелерине кошуп эсептелинген төлөөлөрдү камтыйт. Тике инвестициялардан түшкөн кирешелер боюнча маалымат-

тар ишканалардан алынган маалыматтардын негизинде, Улуттук Статистика комитетинен, о.э банк статистикасынан алынат. Портфелдик инвестициялардан алынган кирешелер боюнча маалыматтар Улуттук банктын сыяктуу эле, коммерциялык банктардын ички булактарынан алынат. Ал эми жана башка инвестициялардан түшкөн кирешелер боюнча маалыматтар Улуттук банктын ички булактарынан (ЭВФтин кредиттери жана Улуттук банк тарабынан тейленген кредиттер боюнча проценттер), Финансы министрлигинен (мамлекеттик кредиттер боюнча проценттер) жана ишканалардан (мамлекеттик эмес кредиттер боюнча проценттер) алынат. Эмгекке төлөөлөр боюнча маалыматтар Улуттук Статистика комитети жана Улуттук банк тарабынан четөлкөлүк жумушчуларды тартуу менен иштеген ишканалардан алынат.

**Трансферттер.** Трансферттер күндөлүк счетто чагылдыруучу күндөлүк жана капиталдык эсепте чагылдыруучу капиталдык трансферттер болуп бөлүнүшөт. **Капиталдык трансферттерге**: менчикке укукту негизги капиталга өткөрүү; кредитор тарабынан карызды жокко чыгаруу (аннулирование); негизги капиталды сатып алуу же сатуу менен байланышкан акчалай активдерди өткөрүп берүү; көчүп кетип жаткандар өз резиденттүүлүгүн алмаштырышкан учурда, кетип жатышкандарды коштогон мүлктөрдү жана финансы агымына карата компенсациялоочу жазуу болуп саналган калктын көчүп кетип жатышына байланыштуу трансферттер камтылат. Трансферттердин бардык калган түрлөрү **күндөлүк трансферттерге кирет**. Биздин өлкөгө мүнөздүү күндөлүк трансферттердин мисалы болуп, төлөө балансында биринчи жолу дебет боюнча товарлардын импорту катары, экинчи жолу трансферттер катары компенсациялоочу өткөрүүлөрдүн кредити боюнча чагылдырылган гуманитардык жардам болуп саналат. Күндөлүк расмий трансферттер товарлар жана техникалык жардам түрүндөгү гранттар ошондой эле, эларалык уюмдарга чегерүүлөр менен аныкталат. Гуманитардык жардамдар боюнча маалыматтар Улуттук Статистика комитетинен товарлардын импорту боюнча маалыматтар менен кошо алынат. Техникалык жардамдарга баа берүүдө ЭВФтин жана четөлкө инвестициялары жана экономикалык жардам боюнча Мамлекеттик комитеттин жана эларалык уюмдардын маалыматтары пайдаланылат. Эларалык уюмдарга чегерүүлөр боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан Финансы министрлигинен алынат. Калктын четөлкөгө жана четөлкөдөн акчалай которуулары түрүндө көрсөтүлгөн жеке күндөлүк трансферттер тууралуу маалыматтар негизинен, Улуттук банк тарабынан Транспорт жана коммуникация министрлигинен жана банк статистикасынан алынат. Капиталдык расмий трансферттердин көлөмүн аныктоо үчүн Улуттук банк алар боюнча маалыматтар Улуттук Статистика комитетинен алынган товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндө капиталдык товарларды бөлүп көрсөтөт. Көчүп кетип жаткандардын трансферттерин Улуттук банк Улуттук Статистика комитетинен алынган маалыматтардын негизине жана көчүп жаткандардын алып кетип жаткан активдеринин орточо наркын баалоо жолу менен аныктайт.

**Финансы эсеби.** Финансы эсеби өзүнө анын натыйжасында резиденттердин четөлкө активдери жана милдеттенмелери көбөйүүгө же азайууга дуушар болгон операцияларды камтыйт. Мына ошого байланыштуу, резиденттер четөлкө финансы активдерин резидент эместерден гана эмес, резиденттерден да сатып алууга мүмкүнчүлүгү болгондугунан улам, финансы эсебинде резиденттердин ортосундагы четөлкө активдери менен операциялар да чагылдырылышы мүмкүн. Финансы эсебинин чегинде активдердин ар бир түрү боюнча операциялар таза түрүндө катталат. Ошентип, жазууларда ошол түрдөгү активдер же милдеттенмелер менен бардык оң жана терс операциялардын белгилүү бир мезгил ичиндеги таза суммардык өзгөртүлүшү чагылдырылат. Активдердин суммасынын таза азайуусу жана милдеттенмелердин таза көбөйүшү кредит боюнча катталат, ал эми активдердин таза көбөйүшү жана милдеттенмелердин таза кыскарышы дебет боюнча чагылдырылат. Финансы эсебинин компоненттери функционалдык белгилер боюнча классификацияланат жана тике, портфелдик инвестициялар, башка инвестициялар жана резервдик активдер болуп бөлүнүшөт.

**Тике инвестицияларда** башка өлкөнүн чарбалык бирдигин (тике инвестицияларды алышкан ишканалар) башкарууга катышуу максатында бир өлкөнүн (тике инвестор) жеке жана юридикалык жактары тарабынан жүзөгө ашыруучу инвестициялар чагылдырылат. Тике инвестициялар катары, ишкананын өздүк капиталы менен катышуу формасындагы тике инвестордун капиталдык салымдары гана эмес, тике инвестор менен тике инвестициялоо ишканаларынын ортосунда болуп өткөн инвестициялардын жана башка бардык формалары классификацияланат. Мисал катары, тике инвестор тарабынан тике инвестициялоо ишканаларына берилген, тике инвестициялоо катары каралган кредиттер саналат. Тике инвестициялар четөлкөгө инвестицияларга же ички экономикага инвестицияга бөлүнөт. Тике инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук банк Улуттук Статистика комитетинен алат. Ал эми, бул комитет өз кезегинде маалыматтарды биргелешкен жана четөлкө ишканаларынан, ошондой эле ири биргелешкен айрым ишканалардан чогултат.

**Портфелдик инвестицияларда** баалуу кагаздар жана карыздык кагаздар менен операциялар, киреше алуу максатында гана жүргүзүлгөн операциялар чагылдырылат. Түздөн-түз инвестициялардан портфелдик инвестицияларды айырмалоочу шарттуу критерий болуп, инвестордун ишкананын кадимки эле акцияларынын 10 же андан ашык процентине ээ болуусу саналат. Портфелдик инвестициялар жана ж.б. инвестициялар өз кезегинде, активдер жана милдеттенмелер менен операцияларга о.э. финансы инструменттеринин түрү боюнча (капиталга катышууну камсыз кылган баалуу кагаздар жана карыздык баалуу кагаздар) классификацияланат. Портфелдик инвестициялар боюнча маалыматтарды Улуттук банк өзүнүн жана коммерциялык банктардын ички булактарынан баалуу кагаздар рыногу боюнча Улуттук комиссиядан алат.

**Финансы деривативдери** - алардын иштөө шарттары, талаптары айрым башка финансы инструменттерине же мүнөздөмөлөрүнө (четөлкө валютасы, мамлекеттик облигациялар, акцияларга баанын индекси, проценттик ставкалар жана башкалар сыяктуу), же кечирээк мезгилде сатылып алынышы же сатылышы мүмкүн болгон кайсыл болбосун биржалык товарларга (алтын, кант, кофе жана башка) "байланыштуу" финансы инструменттери. Финансы деривативдери ээлерине алдын ала сүйлөшүлгөн, белгилүү бир мезгилде, келечекте аныкталган активдерди алууга укукту камсыз кылат, мисалы, накталай акча формасында, баштапкы финансы инструменти жана башка. Өндүрүш финансы инструменттеринин катарына опциондор (валюталык, проценттик, товардык

ж.б), кайрылуучу финансы фьючерлери, варранттар жана валюталык же проценттик своптор жөнүндө келишим тууралуу инструменттер кирет. Өндүрүш инструменттери боюнча бүтүмдөр операциялардын өз алдынча топторуна бөлүнүп турат (негизгиси финансылык); алардын эсеби өндүрүштүк контракттын негизинде гана жаткан жана алар өздөрү "байланыштуу" болгон мүнөздөмөгө карата баалуу кагаздар же товарлар менен операцияларды каттоодон башка жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын төлөө балансында финансы деривативдери алтындын баасын хеджде менен берилген жана алар боюнча маалыматтар ишканалар тарабынан берилет.

**Жана башка инвестициялар** да активдер, милдетттенмелер менен операцияларга бөлүнүшөт жана өзүнө кредиттерди, кредитордук жана дебитордук карыздарды, депозиттерди, накталай четөлкө валютасын, жана жогоруда келтирилген категорияларга кирбеген башка активдерди жана милдеттенмелерди камтыйт.

Коммерциялык банктардын четөлкө активдери/милдеттенмелери боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын отчетторунан алынат. Өкмөт тарабынан же анын гарантиясы астында алынган чет өлкө кредиттери ошондой эле, аларды тейлөө боюнча маалыматтар Улуттук банк тарабынан Финансы министрлигинен, ишканалардан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынан алынат. Улуттук банк тарабынан тейленген кредиттер боюнча кабарлар Улуттук банктын ички булактарынан алынат. Мамлекеттик эмес кредиттер боюнча маалыматтар ошол кредиттерден пайдаланышкан ишканалардан алынат. Резидент-ишканалардын (соодалык кредиттер) кредитордук жана дебитордук карызы тууралуу маалыматтар Улуттук банк тарабынан Улуттук Статистика комитетинен алынат, ал эми Комитет маалыматтарды ишканалардан талап кылат. Чет мамлекеттердеги ишканалардын эсептери боюнча маалыматтары Улуттук банк ишканалардан алат. Негизинен, Кыргызстандын эларалык финансы институттарынын фондуларына төлөмдөрүн чагылдырган ж.б. активдер боюнча маалыматтарды Улуттук банк Финансы министрлигинен жана Улуттук банктын ички булактарынан алат.

Төлөө балансы чегерүү негизинде түзүлө тургандыгына байланыштуу, кредиттер боюнча негизги суммаларды жана кошуп эсептелинген пайыздарды төлөө мөөнөтү узартылышы мүмкүн болгон б.а., убагында төлөнбөгөн бир мезгил аралыгындагы чегерилген суммаларды чагылдырат. Чегерилген сумма менен иш жүзүндө төлөнгөн сумманын ортосундагы айырма «жана башка инвестициялар» статьясында, мөөнөтүнө төлөнбөгөн суммаларга өзгөртүүлөр катары чагылдырылат. Эгерде, мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалар жаңы кредит катары каттала турган болсо анда, төлөө балансында мөөнөтүндө төлөнбөгөн суммалардын азайышы түрүндө жана карыздардын реструктуризациясы жаңы кредитти алуу формасында чагылдырылат.

**Резервдик активдер** төлөө балансынын тартыштыгын каржылоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын четөлкө активдеринен турат. Төлөө балансында монетардык алтын менен операцияларга (Улуттук банк менен акчакредиттик жөнгө салуу боюнча четөлкө органдарынын ортосундагы операциялар гана), атайы карыз алышуу укугу, эркин конвертирленүүчү валюта активдеринде, ликвиддүү четөлкө баалуу кагаздарында жана ж.б. ликвиддүү четөлкө баалуу кагаздарында жана ж.б. ликвидүү четөлкө активдери менен операцияларга байланыштуу болгон резервдик активдердеги өзгөрүүлөр чагылдырылат. ЭВФтин резервдик активдери жана кредиттери ошондой эле Улуттук банктын төлөө балансында чагылдырылуучу ж.б. активдери жана милдеттенмелери боюнча маалыматтар Улуттук банктын ички булактарынан алынган маалыматтарга негизделет.

### 4. Төлөө балансын сунуш кылуунун формалары

Кыргыз Республикасынын төлөө балансы нейтралдуу жана аналитикалык формаларда берилет.

**Нейтралдуу форма** (I-тиркеме, I.1.-таблица) өзүнө төлөө балансынын бардык статьялары эки тилкеде, кредит жана дебет боюнча өзүнчө чагылдырылышы менен мүнөздөлөт. Мында, кредит боюнча өткөрүүнүн суммасы таза каталарды жана калтырып кетүүлөрдү же сальдолонгон түрүн эске алуу менен дебет боюнча өткөрүүдөгү суммага теңештирилет. Нейтралдуу формада берүүдө төлөө балансынын жалпы сальдосу дайыма нөлгө барабар болот.

**Аналитикалык формада** (I-таблица) бардык статьялар сальдолонгон түрүндө көрсөтүлөт. Төлөө балансынын жалпы сальдосу конкреттүү өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталган, өзүнчө бир статьянын суммасы катары түзүлөт. Бул статьялар көзкарандысыз (б.а. өз максатына жооп берген) жана андан төлөө балансынын жайынтыкталган сальдосунун өлчөмү көзкаранды болгон операцияларды чагылдырууга тийиш. Бул статьялар «чектен тышкары» статьялары деп аталат. «Чектен тышкары» статьясынын калган бардык операциялары төлөө балансынын сальдосун каржылоо максатында жүзөгө ашырылат. Бул операциялар аргасыздан жүргүзүлөт жана Улуттук банк менен Өкмөттүн жөнгө салуучу аракеттерине көзкаранды жана ага байланыштуу. Ошентип, төлөө балансынын сальдосу субъективдүү ой жүгүртүү үчүн элементтерди камтып турса да, төлөө балансынын сальдосунун өлчөмүн тактоого, анын финансыланышынын керектөөлөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

## II.2-таблица: Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын төлөө балансын түзүү үчүн пайдаланылуучу маалыматтар булагы

| Төлөө балансынын статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын счету** | | |
| **Товарлар** | | |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) Экспорт | Улуттук Стат. ком. | - МБИ жана ишканалардан алынган маалыматтардын негизинде, товарлардын экспорту боюнча (ФОБ) маалыматтар |
| порттордон алынган товарлар | Улуттук Стат. ком. | - 1-кызмат көрс. формасы боюнча ишканалардын отчеторунун негизинде бункердик отунду экспорттоо боюнча маалыматтар |
| монетардык эмес алтын | Улуттук Стат. ком. | - МБИнин маалыматтарынын негизинде монетардык эмес алтындын экспорту боюнча маалыматтар |
| Товарлардын импорту (ФОБ) импорт (СИФ) | Улуттук Стат. ком. | - МБИ жана ишканалардан алынган маалыматтардын негизинде, товарлардын импорту боюнча(СИФ) маалыматтар |
| нарк боюнча ондоолор | Улуттук Стат. ком., Улуттук банк | - ишканаларды иликтөөнүн негизинде, СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук жана камсыздандыруу кызматтарынын үлүшүнө Улуттук банктын баасы |
| порттордон алынган товарлар | Улуттук Стат. ком. | - 1-кызмат көрс. формасы боюнча ишканалардын отчеторунун негизинде бункердик отунду экспорттоо боюнча маалыматтар |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ | - 1-кызмат көрс. формасы боюнча ишканалардын отчеторунун негизинде алынган маалыматтар, ишканаларды иликтөөнүн негизинде СИФ наркы боюнча импорттогу транспорттук чыгымдардын үлүшүнө Улуттук банктын баасы; транспорттук кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Кыдыруулар | Улуттук Стат. ком., Улуттук банк | - республикага (республикадан кетип жаткан) келип жаткан жарандардын санына негизделген ыкмага ылайык берилген баа |
| Байланыш кызматтары | ТРжКМ | - 1-кызмат көрс. формасы боюнча байланыштын эл аралык кызматтары боюнча маалыматтар |
| Курулуш жагынан көрсөтүлгөн кызматтар | Улуттук Стат. ком., ишканалар | - 1-ИНСУ формасы боюнча резидент эмес курулуш компанияларынын кызматтарынан пайдаланышкан ишканалардан жана 1-МСУ формасы боюнча четөлкөлөрдө кызмат көрсөтүшкөн курулуш уюмдарынан алынган маалыматтар; кээ бир ири ишканалардан алынган маалыматтар |
| Камсыздандыруу кызматтары | Улуттук Стат. ком., ишканалар, КБ | - ишканаларды иликтөөнүн негизинде, СИФ наркы боюнча импорттогу камсыздандыруу кызматтарынын үлүшүнө Улуттук банктын баасы; ишканалардан жана банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук банк, КБ | -Улуттук банктын көрсөтүлгөн жана алынган фин. кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтары; банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Компьютердик жана маалымат жагынан кызмат көрсөтүүлөр | КБ | -банк статистикасынын негизинде маалымат жана компьютердик кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | Тышкы иштер мин., КБ | КР-сынын четөлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө кеткен чыгашалар боюнча маалыматтар; КР-сында жайгашкан четөлкө өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалыматтар |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | 8-ВЭС отчеттуулугунун формасы б-ча ишканалардан алынган ж.б. ишкердик техн. кызмат көрсө-түүлөр б-ча маалыматтар; банк статистикасынан айрым ири ишканалардан алынган маалыматтар |
| анын ичинде, техникалык жардам | КРФМ, ЭВФ | -көрсөтүлүп жаткан техн-лык жардамдар б-ча баалоо негизинде алынган маалыматтар; инв-лык долбоорлорду жүзөгө ашырып жаткан уюмдардын маалыматтары |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | Улуттук Стат. ком., КБ | - 8-ВЭС отчеттуулугунун формасы боюнча, ишканалардан алынган жана башка кызмат көрсөтүүлөр боюнча маалыматтар; банк статистикасынан алынган ж.б. кызм. көрсөтүүлөр б-ча маалыматтар |

## II.2-таблица: (уландысы)

| Төлөө балансынын статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөөлөр | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | - башка өлкөлөрдөн келип иштеп жаткандарга эмгек акыларды төлөө боюнча ишканалардан алынган маалыматтар; четөлкөлөргө которуулар жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Инвестициялардан түшкөн кирешелер | | |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук Стат. ком., КБ | - 1-ИИ формасы боюнча биргелешкен жана чет өлкө ишканаларынан алынуучу түздөн-түз инвестициялар боюнча алынган кирешелер тууралуу маалыматтар; тике инвестициялардан алынган кирешелер жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | Улуттук банк, КБ | - резидент эместердин КР-сынын баалуу кагаздарына салымдарынан алынган кирешелери жөнүндө маалыматтар; баалуу кагаздар менен операциялар тууралуу банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Ж.б. инвестициялар боюнча алынган кирешелер | | |
| Кредиттер боюнча пайыздар | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - ЭВФтин кредиттери боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, ишканалар | - мамлекеттик секторго берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар; Өкмөттүн гарантиясы астында берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу ишканалардан алынган маалыматтар |
| Банктар | КБ | -банктар аралык кредиттер б-ча пайыздар жөнүндөгү банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Жана башка секторлор | ишканалар | - жеке секторго берилген кредиттер боюнча пайыздар тууралуу маалыматтар |
| Башка инвестициялар боюнча алынган кирешелер | Улуттук банк, КБ, ишканалар | - Эларалык резервдерди башкарууга байланыштуу Улуттук банктын түшкөн кирешелери жана чыгашалары боюнча маалыматтар, комм. банктардын жана ишканалардын четөлкөдөгү активдеринен түшкөн кирешелер |
| **Күндөлүк трансферттер** | | |
| Гуманитардык жардам | Улуттук Стат. ком., ишканалар | - МБИ маалыматтарынын негизинде алынган гум. жардамдар боюнча маалыматтар |
| Техникалык жардам | ЭВФ | - алынган техникалык жардамдар боюнча баалоо негизинде алынган маалыматтар |
| Жана башка гранттар | Улуттук банк | - акчалай формасындагы гранттар боюнча маалыматтар |
| Эларалык уюмдарга төлөмдөр | ФМ | - Э\а уюмдарга жана КМШ уюмдарына төлөөлөр боюнча маалыматтар |
| Иштеп жаткандардын акчалай которуулары | ТРжКМ, КБ | - 1-кызмат көрсөтүүлөр (байланыш) формасы боюнча калктын четөлкөгө жана четөлкөлөрдөн почта-телеграф жана банк аркылуу которуулары тууралуу маалыматтар |

## II.2-таблица: (уландысы)

| Төлөө балансынын статьялары | Маалымат булагы | Маалыматтардын маңызы |
|---|---|---|
| **Капитал менен опер. жана финансы операцияларынын эсеби** | | |
| **Капиталдык трансферттер** | | |
| Товарлар түрүндөгү гранттар | Улуттук Стат. ком. | - товарлар түрүндөгү гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүүлөр |
| Көчүп кетүүлөргө байланыштуу трансферттер | Улуттук Стат. ком. | - көчүп кетип жана көчүп келип жаткандардын саны жөнүндө расмий маалыматтардын негизинде, көчүп кетип жаткандардын трансферттерине УСКнын берген баасы |
| Карыздарды кечирүү | ишканалар | - резидент эместерден алынган карыздык каражаттарды тейлөө тууралуу ишканалардын маалыматтары |
| **Тике инвестициялар** | | |
| Чет өлкөлөргө | КБ, ишканалар | - резиденттер тарабынан чет мамлекеттерге салынган тике инвестициялар жөнүндө банк статистикасынан жана ишканалардан алынган маалыматтар |
| Кыргыз Республикасына | Улуттук Стат. ком., КБ, ишканалар | - 1-ИИ отчеттуулугунун формасы боюнча биргелешкен жана четөлкө ишканаларынан алынган тике инвестициялар боюнча маалыматтар; банк секторуна түздөн-түз инвестициялар боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар; айрым бир биргелешкен ири ишканалардын маалыматтары |
| **Портфелдик инвестициялар** | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | Улуттук банк, КБ, БКРМК | - резидент эместер тарабынан КР-сынын баалуу кагаздарын сатып алуу жана төлөө боюнча маалыматтар; баалуу кагаздар менен операциялар тууралуу банк статистикасынын маалыматтары |
| **Финансылык деривативдер** | Ишканалар | -финансы деривативдери менен операциялар тууралуу ишканалардын маалыматтары |
| **Башка инвестициялар** | | |
| Активдер | | |
| Накталай акчалар жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | - коммерциялык банктардын четөлкө активдери жөнүндө банк статистикасынын маалыматтары |
| Башка секторлор | Ишканалар | - резидент - ишканалардын четөлкө банктарынын счетторундагы каражаттарынын калдыктары жөнүндө маалыматтар |
| Соодалык кредиттер | Улуттук Стат. ком. | - ишканалардын өзара чегеришүүлөрүнүн абалы жөнүндө маалыматтар (дебитордук карыз) |
| Башка активдер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - Улуттук банктын резервге кошулбаган четөлкө активдери боюнча маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ФМ | - эларалык уюмдардын фондуларына төлөмдөр боюнча маалыматтар |
| Милдеттенмелер | | |
| Накталай акча жана депозиттер | | |
| Банктар | КБ | - ком. банктардын четөлкө милдеттенмелери боюнча банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Соодалык кредиттер | Улуттук Стат. ком. | - ишканалардын өзара чегеришүүлөрдүн абалы жөнүндө маалыматтар (кредитордук карыз) |
| Кредиттер | | |
| АКЖО | Улуттук банк | - ЭВФтин кредиттери жөнүндө маалыматтар |
| Мам. башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк, ишканалар | - мам. сектор тарабынан же анын кепилдиги астында алынган/төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Банктар | КБ | - ком. банктар тарабынан алынган кредиттер жөнүндө банк статистикасынан алынган маалыматтар |
| Башка секторлор | Ишканалар | - Өкмөттүн кепилдигисиз алынган же төлөнгөн кредиттер жөнүндө маалыматтар |
| Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар | ФМ, КБ, ишканалар | - мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр жөнүндө маалыматтар |
| Резервдик активдер | Улуттук банк | - эларалык резервдер жана алардын структурасы боюнча маалыматтар |

# III тиркеме: Реалдуу эффективдүү алмашуу курсун эсептөөнүн ыкмасы

Номиналдуу алмашуу курсунун таразаланып алынган ортчо маанисин билдирген жана кароого алынып жаткан өлкөнүн бааларынын өзгөрүүсүнүн өнөктөш өлкөлөрдөгү соода боюнча бааларына карата катышы тенденциясын эске албаган алмашуу курсу **номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат (НЭАК-NEER nominal effective exchange rate).

Номиналдуу эффективдүү алмашууу курсу конкреттүү өлкөдөгө алмашуу курсу кандайдыр бир базистик жылда соода боюнча өнөктөш өлкөнүн курстары менен салыштырганда, канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок, номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун өзгөрүүсү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн же кандайдыр бир мезгил аралыгында, ошол өлкөдө өндүрүлгөн товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана ошол учурдагы экспорттук потенциал канчалык деңгээлде өзгөрүүгө дуушар болгондугун көрсөтөт. Кандайдыр бир мезгил ичинде конкреттүү валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгү канчалык өзгөрүүгө дуушар болгондугун аныктоо үчүн реалдуу эффективдүү алмашуу курсу эсептелинет (РЕАК-REER real effective exchange rate).

Өлчөмгө карата корректировкаланган жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдүн бааларынын салыштырмалуу өзгөрүүсүнө дал келген номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу **реалдуу эффективдүү алмашуу курсу** деп аталат.

Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу өлкөлөрдүн валюталарынын орточо салмактанып алынган реалдуу алмашуу курстарынын алдыңкы соода өнөктөштөрдүн валюталарына карата катышын эсептөөдөн улам аныкталат. Мисалы, эгерде, конкреттүү өлкөнүн валютасынын курсу коңшу өлкөнүн валютасына карата инфляциянын жогорку деңгээлде болуусунан улам, жогорулап жана бир эле учурда, башка өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына карата инфляциянын деңгээлинин басаңдоосуна жараша төмөндөсө, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу ошол өзгөрүүлөрдүн орточо чоңдугу катары улуттук валютанын курсун билдирет.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарын эсептөөнүн кеңири колдонулган формуласы болуп, белгилүү бир мезгил аралыгындагы тиешелүү эки тараптуу алмашуу курстарынын базистик курска карата салмактанып алынган орточо өзгөртүүлөрдүн киргизилиши формуласы саналат.

Эффективдүү алмашуу курстарынын индексин эсептөө үчүн өлкөлөрдүн каралып жаткан өлкөнүн тышкы соодасындагы салыштырмалуу салмагын аныктоо зарыл. Мына ошол салмак конкреттүү өлкө үчүн ошол же четөлкө валютасынын салыштырмалуу маанилүүлүгүн чагылдырат. Эффективдүү алмашуу курсу эки тараптуу сооданын үлүшүн салмагы катары пайдалануу менен эсептелинип чыгат (ошондой эле, экспорт менен импорттун үлүшүн же алардын суммардык орточо көрсөткүчүн пайдаланууга болот). Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексин эсептеп чыгарууда экспорт менен импорттун орточо көрсөткүчү пайдаланылат. Эсептөө чыгаруу төмөнкү формула боюнча аткарылат:

$$W_i = \frac{M_i + X_i}{\sum_{i=1}^{n} X_i + \sum_{i=1}^{n} M_i} \qquad (1)$$

мында,

Wi - өлкөнүн жалпы тышкы товар жүгүртүүсүндөгү i өлкөсүнүн салмагы, $\sum_{i=1}^{n} W_i = 1.$

$M_i$ - i өлкөсүнөн Кыргыз Республикасына импорт,
$X_i$ - i өлкөсүнө Кыргыз Республикасынан экспорт,

$\sum_{i=1}^{n} X_i$ - соода боюнча 17 негизги өлкөлөргө КР-сынын экспортунун жалпы көлөмү (n=17),

$\sum_{i=1}^{n} M_i$ - соода боюнча 17 негизги өлкөлөрдөн КР-сына импорттун жалпы көлөмү.

Соода боюнча өнөктөш катары 17 өлкө каралууда, алар Кыргыз Республикасынын тышкы соодасынын жалпы көлөмүндө эң чом салыштырмалуу салмакты ээлешет (Россия, Казакстан, Өзбекстан, Украина, Беларусь, Түркмөнстан,Тажикстан, АКШ, Германия, Улуу Британия, Кытай, Түркия, Швейцария, Франция, Италия, Япония жана Чехия). Булар менен соода салыштырмалуу артыкчылык принциби боюнча эмес жүзөгө ашырылып жаткан импорттук жана экспорттук товарлар салмактардын эсебинен алынып салынган.

Базалык мезгил катары 2001-жылга чейин 1993-жылдын май айы кабыл алынган (улуттук валюта –кыргыз сомунун жүгүртүүгө чыгарылган күнү), ал 2000-жыл үчүн бул басылманын номеринен тартып 1997-жылга карата өзгөртүлгөн. Бул 1993-1995-жылдардагы инфляциянын жана девальвациянын жогорку көрсөткүчтөрү индекстердин олуттуу өзгөрүүсүнүн себептери болгондугу менен байланыштуу, алардын салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүчтөрү акыркы жылдарда алардын астында жылмаланып калган. 1997-жылды тандап алуунун себеби болуп, ошол жылы базалык мезгилди тандап алууда сунуш кылынган жакшы экономикалык көрсөткүчтөрдүн бол-

гон учуру саналат. Индекстер ай сайын эсептелинип турат, ошондой эле аналитикалык максатта КМШ өлкөлөрүнүн 7 тобу жана алыскы чет өлкөлөрүнүн 10 тобу боюнча индекстерди өзүнчө эсептөө жүргүзүлөт.

Номиналдуу эки тараптуу алмашуу кустарынын индекси төмөнкүчө эсептелинет (мисалга АКШ доллары үчүн).

$$NBER_{USt} = 100*(ER_{USt}/ER_{USo}) \qquad (2)$$

мында, $ER_{USt}$ - t мезгил аралыгындагы АКШ долларына карата сомдун номиналдуу алмашуу курсу.
$ER_{USo}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги тиешелүү номиналдык курс.

Реалдуу эки тараптуу алмашуу курсунун индексин эсептөө формуласы төмөнкүчө:

$$RBER_{USt} = 100*(ER_{USt}/ER_{USo})*(CPI_{USt}/CPI_{KYRt}) \qquad (3)$$

мында, $ER_{USt}$ - t мезгил аралыгындагы АКШ долларына карата сомдун номиналдуу алмашуу курсу.
$ER_{USo}$ - 0 базалык мезгил ичиндеги тиешелүү номиналдык курс.
$CPI_{USt}$, $CPI_{KYRt}$ - t мезгил аралыгынын 0 базалык мезгилине карата катышы учурундагы тиешелүүлүгүнө жараша АКШда жана Кыргыз Республикасында баалардын индексинин өзгөрүүсү.

Соода боюнча 17 негизги өнөктөш өлкөлөрдүн орточо алынган номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсу сомдун номиналдуу эффективдүү валюталык курсу болуп саналат. t мезгил аралыгы ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$NEER_t = (NBER_{1t})^{W1t}*(NBER_{2t})^{W2t}...(NBER_{17t})^{W17t} \qquad (4)$$

мында, $NBER_{it}$ - t айындагы i өлкөсүнүн (2) формуласында эсептелинген номиналдуу эки тараптуу индекси.
$W_{it}$ - тиешелүү салмак.

17 негизги өнөктөш өлкөлөрдүн эки тараптуу реалдуу алмашуу курстарынын орточо алынган индекси сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси болуп саналат. t мезгил ичинде ал төмөнкүчө эсептелинет:

$$REER_t = (RBER_{1t})^{W1t}*(RBER_{2t})^{W2t}...(RBER_{17t})^{W17t} \qquad (5)$$

мында, $RBER_{it}$ - t айындагы i өлкөсүнүн (3) формуласы боюнча эсептелинген реалдуу эки тараптуу индекси.
$W_{it}$ - өлкөнүн (1) формула боюнча эсептелинген тиешелүү салмагы.

Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын динамикасы эффективдүү алмашуу курстарынын төмөндөөсүнө жана жогорулоосуна таасирин тийгизген факторлордон көзкаранды. Номиналдуу алмашуу курсу биринчи фактор болуп саналат. Сомдун башка валюталарга карат арзандашы (кымбатташы) номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстеринин жогорулоосуна (төмөндөөсүнө) алып келет. Экинчи фактор - кароого алынып жаткан өлкөдөгү жана соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баанын деңгээлинин өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасындагы баанын темпинин соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү баалардын өсүш темпине салыштырганда артып туруусу реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун төмөндөөсүнө же тескерисинче. алып келет. Үчүнчү таасир берүүчү фактор болуп, Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү соодалык негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырмалуу салмактары саналат. Кыргызстандын тышкы товар жүгүртүүсүндө өлкөлөрдүн канчалык үлүшү болсо, сомдун ошол өлкөнүн валютасына карата алмашуу курсу жана ошол өлкөдөгү баанын өзгөрүүсү сомдун эффективдүү алмашуу курсунун индексине ошончолук таасир бере алат.

Алынган жыйынтыктар отчеттук мезгил ичиндеги номиналдуу жана реалдуу алмашуу курстарынын индексинин көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсүнө баа берүүгө таянат. Ушул ыкманы пайдалануу менен алынган негизги корутундуда төмөндөгүлөр камтылат: *реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун өсүшү учурунда, улуттук валюта реалдуу алганда соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн валюталарына салыштырганда баасы түшө тургандыгы, бирок, ошол эле учурда ошол өлкөлөрдүн рынокторунда ата-мекендик товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү ушул эле деңгээле жакшыра тургандыгы же тескерисинче болушу мүмкүндүгү жөнүндө айтууга болот.*

# IV-тиркеме: Коммерциялык банктарда төлөөлөрдүн багытын эсепке алуу системасы

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 1997-жылдын бирдин айында коммерциялык банктарда төлөөлөрдү багыттоону эсепке алуу системасы (ТБЭС) - күчүнө киргизилип, колдонулууда. Бул система, төлөө балансынын банк тутуму аркылуу жүргүзүлүүчү операцияларын чагылдыруу үчүн кызмат кылат жана тышкы экономикалык операциялардын кеңири жана азыркы статистикасын алууну камсыз кылат. Система өзүнө коммерциялык банктардын операцияларын алар тарабынан четөлкө банктарында өткөрүлүүчү корреспонденттик эсептерин, накталай четөлкө валютасы менен операцияларды жана кыргыз валютасында эсеби бар резидент эместердин операциясын камтыйт. Кыргызстанда ТБЭСтин айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп, коммерциялык банкттардын четөлкөлүк өнөктөштөр менен корреспонденттик эсептер аркылуу жүзөгө ашырылган эларалык операциялары толук камтылгандыгы саналат, бул андан төмөн болгон учурда операциялар эске алынбаган, минималдуу сумманын ( пороговой) жоктугунан улам шартталган. Төлөө балансын түзүү жана Кыргыз Республикасынын эларалык инвестициялык позициясын аныктоо үчүн пайдаланылган маалыматтардын маанилүү булактары болуп эсептелет. Отчеттук маалыматтар классификацияланат жана төлөө балансынын стандарттык компоненттеринин негизинде аныкталган операциялардын тизмесине ылайык чагылдырылат. Системанын натыйжалуу иштөөсүн Улуттук банк тарабынан иштелип чыккан “Операциялар боюнча эсепке алуунун автоматташтырылган системасы” программалык камсыздоосу камсыз кылат. Ал коммерциялык банктарда иштеп жаткан жана автоматтык түрдө жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарды текшерип, ката кетирилген жазууларды аныктайт.

Коммерциялык банктар тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берилүүчү ар айлык отчеттор электрондук жана кагаз жүзүндө отчеттук айдан кийинки айдын 15-числосуна чейин берилет. Отчетто ар бир счет боюнча маалыматтар бир мезгилдин башталышына карата счеттогу калдыктардын суммасын көрсөтүү менен башталат, андан соң отчеттук мезгил ичиндеги счеттордогу каражаттардын жылышы катталат. Отчеттук мезгилдин башталышына жана акырына карата сальдо счеттун мүнөзүнө жараша көрсөтүлөт: ностро счеттору жана накталай четөлкө валютасы үчүн сальдо бир мезгилдин башталышына жана акырына карата кредит боюнча, ал эми лоро-счеттору жана резидент эместердин сом түрүндөгү счеттору үчүн тескерисинче, дебет боюнча көрсөтүлөт. Бардык отчеттор иштелип чыккандан кийин маалыматтардын жалпы базасына топтоштурулат да, төлөө балансынын стандарттык компоненттери боюнча классификацияланат, андан соң маалыматтар алынат жана алардын айрымдары Кыргыз Республикасынын төлөө балансында чагылдырылат.

Ушул система боюнча коммерциялык банктар толтурушкан электрондук формадагы ар бир операция банк корреспонденттер, операциялардын валютасында, операциялардын датасы, операциялардын түрү, өнөктөш өлкөлөр, банктын кардарлары, экономиканын белгилүү секторуна таандык, алардын эсеби боюнча операциялар жүргүзүлгөн кардар боюнча классификацияланат. Операциялардын түрү, өлкөнүн аталышы, валютанын аталышы жана экономика сектору коддорого салынган формада көрсөтүлөт. ПБ-1 формасы боюнча отчеттун электрондук формасы түшүндүрмөсү төмөндө келтирилген 13-тилкеде берилген.

| *Номер* | *Номердин аталышы* | *Тилкенин мазмуну* |
|---|---|---|
| 1 | Өнөктөштүн аталышы | Четөлкөдөгү банк-корреспонденттеринин аталышы көрсөтүлөт. Накталай четөлкө валюталары менен операцияларды эсепке алууда, бул тилкеде “накталай валюта” көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасынын резидент эместеринин операцияларын эсепке алууда, бул жерде “резидент эмес- кардарлардын сом түрүндөгү счету “ көрсөтүлөт. |
| 2 | Өнөктөштөр жайгашуучу өлкөнүн коду | Банк-корреспондент жайгашкан өлкөнүн коду көрсөтүлөт. УСКнын өлкөлөрдү кодификациялоосунда келтирилген өлкөлөрдүн коду пайдаланылат. Накталай четөлкө валюталары менен операцияларды же Кыргыз Республикасынын резидент эместеринин операцияларын эсепке алууда, мында Кыргыз Республикасынын коду көрсөтүлөт. |
| 3 | Валюталардын аталышы | Операция жүргүзүлгөн валютанын коду көрсөтүлөт. Бул тилкеде ИСО 4217 валюта классификаторунда келтирилген валюталардын тамга түрүндөгү коду пайдаланылат. |
| 4 | Операциялардын датасы | Операцияларды банктын бухгалтердик отчеттуулугунда чагылдыруу көрсөтүлөт. |
| 5 | Операциялардын коду | Операциялардын коду төлөө балансынын стандарттык статьясынын тизмесине ылайык көрсөтүлөт. |
| 6 | Банктын кардарларынын өнөктөш өлкөлөрүнүн (контрагенттеринин) коду | Банктын кардарларынын өнөктөш өлкөлөрүнүн контрагенттеринин коду көрсөтүлөт. Накталай четөлкө валюталары менен операцияларды эсепке алууда, бул тилкеде өлкөнүн кодунун накталай валютага таандыктыгы көрсөтүлүүгө тийиш. |

[1] International Transaction Reporting System (ITRS) - англ.

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Сектордун коду | Банкта жүргүзүлүп жаткан операцияларды эске алуу менен экономика секторунун Кыргыз Республикасындагы банктын кардарына таандык коду көрсөтүлөт. |
| 8 | Кардар өлкөнүн коду | Банкта жүргүзүлүп жаткан операцияларды эске алуу менен Кыргыз Республикасындагы банкы резидент болуп саналган өлкөнүн коду саналат. Мында УСКнын өлкөлөр боюнча кодификаторунда келтирилген өлкөлөрдүн коду көрсөтүлөт. |
| 9 | Кредит | Каражаттардын кыймылы счеттордун кредит жана дебет бөлүктөрүндө чагылдырылат. |
| 10 | Дебет | Буларды төмөндөгүдөй жол менен чагылдырууга болот: кредит боюнча каражаттардын түшүүсү- ностро счету боюнча операциялар жана накталай валюталар менен операциялар үчүн, дебет боюнча- лоро эсеби боюнча операциялар жана резидент эместердин сом түрүндөгү эсептери боюнча операциялары үчүн аларды чыгарып салуу, тескерисинче: кредит боюнча- эсептен чыгарып салуу, дебет боюнча эсепке каражаттардын түшүүсү. Сумма номиналда, үтүрдөн кийин эки белги менен бирдиктүү валютада көрсөтүлөт. |
| 11 | Сом түрүндөгү сумма | Улуттук банктын учеттук алмашуу курсу боюнча сом түрүндөгү эквиваленттик суммасы, операцияларды банктын бухгалтердик отчетунда чагылдыруу датасына карата көрсөтүлөт. Сумма номиналда, үтүрдөн кийин эки белги менен бирдиктүү валютада көрсөтүлөт. |
| 12 | АКШ долларындагы сумма | Улуттук банктын учеттук алмашуу курсу боюнча АКШ долларындагы эквиваленттик суммасы, операцияларды банктын бухгалтердик отчетунда чагылдыруу датасына карата көрсөтүлөт. Сумма номиналда, үтүрдөн кийин эки белги менен бирдиктүү валютада көрсөтүлөт. |
| 13 | Операциялар | Акча каражаттарынын ар бир которулушун багыттоо жөнүндөгү толук маалымат көрсөтүлөт. Бул саптагы маалыматтар төлөө балансынын стандарттык классификациясы боюнча операциялардын аталышын кайталабастан, конкреттүү операцияларды көрсөтүүгө тийиш. Бул операциялардын тууралыгын текшерүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл. Ушундай жол менен “финансылык кызмат көрсөтүүлөр”, “башка иш кызматтары”, “товарлардын экспорту” сыяктуу түшүндүрмөлөр отчеттун толуктугу талаптарын канааттандырбайт. Акча каражаттарын товарлардын келиши үчүн төлөө счетуна которууда, төлөө кайсы товар үчүн болуп жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтарда көрсөтүлүүгө тийиш. |

Отчетко ПБ-1 формасы боюнча , каражаттардын отчеттук айдын башына карата жана акырына карата калдыгы боюнча маалымат кат түрүндө берилет. Бул маалыматтар ПБ-1 формасы боюнча чагылдырылган каражаттардын отчеттук мезгилдин башталышына карата жана акырына карата калдыгы боюнча маалыматтары менен дал келүүлөрү керек. Кошумча отчет төмөндөгүдөй формада берилет:

- ПБ -1К - формасы боюнча- каражаттардын четөлкө банктарына карата калдыктары боюнча маалыматтар.
- ПБ-1Н формасы боюнча - каражаттардын кассадагы накталай акча валюталарына калдыктары боюнча маалыматтар.
- ПБ-1С - каражаттардын резидент эмес - кардарларынын сом түрүндөгү счетторуна калдыктар боюнча маалыматтар.

# V-тиркеме: Кыргыз Республикасынын тышкы карызын мүнөздөөчү коэффициенттерин эсептөөнүн методикасы

Тышкы карыз (EDT) - резидент эместердин алдында төлөөгө тийиштүү болгон валюта, товар же кызмат көрсөтүү түрүндөгү карыздык милдеттенмелеринин жыйындысы.

*Алынган каражаттар ( DISB)* - кредитордун отчеттук мезгил ичиндеги кредиттик гарантиясынын көлөмүнөн суммаларды пайдалануу.

*Амортизацияланган каражаттар ( AMT)* - отчеттук мезгил ичинде карыздардын негизги суммасын төлөө счетуна четөлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндө төлөө.

*Процентик төлөөлөр (INT)* - очтеттук мезгил ичинде пайыздар боюнча четөлкө валютасы, товар же кызмат көрсөтүү түрүндө төлөөлөрдүн иш жүзүндөгү суммасы.

*Тышкы карызды тейлөө (TDS)* - карызгерлердин зарыл түрдө жүргүзүүчү амортизациялык жана пайыздык төлөмдөрү.

*Чыгарып салуу (WRTOFF)* - төлөнбөгөн карыздарды нөлгө чыгаруу.

Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы карызы мамлекеттик тышкы карыздын, жеке карыздын жана ЭВФтин кредити боюнча карыздардын жыйындысы катары аныкталат.

$$EDT = EDT_G + EDT_P \qquad (1)$$

мында, $EDT_G$- *Мамлекеттик тышкы карыз* - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карыздык милдеттенмеси, ЭВФтин алдындагы карызды кошо алганда, кошуу төлөөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Бул Кыргыз Республиксынын Финансы министрлигинин маалыматынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ички булактарынын негизинде эсептелинет.

$EDT_P$- *Жекече тышкы карыз* - төлөөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен гарантияланбаган жеке карызгерлердин тышкы карыздык милдеттенмелери. Кредиттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн гарантиялоосуз тарткан менчик ишканалардын маалыматтарынын негизинде эсептелинет.

Тышкы карыздын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата төмөндөгү формула боюнча аныкталат:

$$EDT_t = EDT_{(t-1)} + DISB_t - AMT_t - WRTOFF_t \qquad (2)$$

мында, $EDT_{(t-1)}$ - тышкы карыздын өткөн жылдын акырына карата көлөмү;
$DISB_t$ - отчеттук мезгил ичинде факты түрүндө алынган каражаттар;
$AMT_t$ - отчеттук мезгил ичинде факт түрүндө өндүрүлгөн амортизациялык төлөмдөр;
$WRTOFF_t$ - отчеттук мезгил ичинде эсептен чыгарылган негизги суммалар .

Тышкы карыз боюнча маалыматтар өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн зарыл болгон көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн пайдаланылат.

(EDT/GDP)*100% - жалпы тышкы карыздын ички дүң продукциясына болгон катнашы;
(EDT/XGS)*100% - жалпы тышкы карыздын товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна болгон катнашы;
$TDS_{prg} = AMT_{prg} + INT_{prg}$ - жалпы тышкы карызды тейлөө эсебине график боюнча төлөөлөр;
$TDS_{act} = AMT_{act} + INT_{act}$ - жалпы тышкы карызды тейлөөдө жүргүзүлгөн иш жүзүндөгү төлөөлөр;

$K_{prg} = TDS_{prg}$ /XGS - график боюнча жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коэффициенти, XGS- товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту;
$K_{act} = TDS_{act}$ /XGS - факт түрүндө жалпы тышкы карызды тейлөөнүн коэффициенти.

Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн тышкы карыздын айынан тартып жаткан түйшүгүнө жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгүнө баа берүүсүнө мүмкүндүк берет. Карыздын айынан тартып жаткан түйшүгү жана анын карызды тейлөө боюнча жөндөмдүүлүгү өлкөгө валюталык түшүүлөрдүн үлүшүнүн жана өндүрүш көлөмүндө өлчөнөт.

# VI тиркеме: Эл аралык инвестициялык позицияларды түзүү ыкмасы

Эларалык Валюта Фондусу тарабынан иштелип чыккан төлөө балансы боюнча жетекчиликке алынуучу документтин 5-чыгарылышына ылайык иштелип чыккан *Эларалык инвестицялардын балансы* статистикалык отчетту чагылдырат жана анда, өлкөнүн белгилүү бир датага карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин топтолгон запасы (мисалы, жылдын акырында), ошондой эле финансы операцияларынын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр, нарктык өзгөрүүлөр, кайрадан баалоолор жана башка корректировкалоочу процедуралар камтылат.

Эларалык инвестицялардын балансы эки негизги классификациялык топтон: Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринен жана милдеттенмелеринен турат. Ушул топтордун компоненттери төлөө балансынын финансы эсебинин статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдарыт. “Активдер”, жана “Милдеттенмелер” бөлүгүндөгү маалыматтар Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин өлчөмүн, алардын структурасын изилдөөгө алынып жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөйт.

*Өлкөнүн таза эларалык инвестициялык позициясы* тышкы активдер менен милдеттенмелердин айырмасын билдирет.

Эларалык инвестициялык позиция таблица түрүндө, төмөнкүдөй формада берилет:

| Көрсөткүчтөрү | Бир мезгилдин акырына карата калдык | Операциялардын жыйынтыгындагы өзгөрүүлөр | Баанын өзгөрүүсү | Курстардын өзгөрүүсү | Жана башка өзгөрүүлөр | Бир мезгилдин акрына карата калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| A | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| А. Активдер | | | | | | |
| В.Милдеттенмелер | | | | | | |
| С. Таза эларалык Инвестициялык Позиция | | | | | | |

Таблицаларда негизги классифкациялык топтор көрсөтүлгөн: Кыргыз Республикасынын тышкы активдери жана милдеттенмелери. Ушул топтун компоненттери төлөө балансынын финансы счетунун статьяларына ылайык келет жана функционалдык категорияларды чагылдырат.

Активдер тике инвестициялар, портфелдик инвестициялар, финансы деривативдери, башка инвестициялар жана резервдик активдерге бөлүнөт. Мына ушундай эле бөлүү милдеттенмелер үчүн да пайдаланылат (резервдик активдерден тышкары).

Каралып жаткан таблицада отчеттук мезгил ичиндеги эларалык инвестициялардын балансынын компоненттеринин өзгөрүүсүнө алып келген факторлор чагылдырылат.

1 жана 6 саптарда Кыргыз Республикасынын бир мезгилдин баш жагына жана акырына карата тышкы активдеринин жана милдеттенмелеринин абалы чагылдырылат.

2-сапта эларалык инвестицялык позициянын финансы компоненттери менен реалдуу операциялардын натыйжасында келип чыккан өзгөрүүлөр келтирилет.

3 жана 4 саптарда баанын деңгээлинин жана валюталык курстардын өзгөрүүсүнүн таасири астында тышкы активдердин жана милдеттенмелердин нарктык баасынын өзгөрүүсү эсепке алынат.

5 сапта төмөндөгүлөр менен шартталган жана башка өзгөрүүлөр чагылдырылат:

- классификацияны кайрадан кароо менен (мисалы, портфелдик инвестициядан инвестициялык обьектинин капиталынадагы инвестордун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тике инвестицяга өтүү);
- кредитор тарабынан карыздарды бир тараптуу алып салуу (жокко чыгаруу);
- жана башка өзгөрүүлөр менен.

Эларалык инвестициялык позициянын маалыматтары өлкөнүн тышкы экономикалык абалын анализдөө үчүн маанилүү, анткени, ал Кыргыз Республикасынын тышкы активдеринин (милдеттенмелеринин) өлчөмүн, алардын структурасын, жана изилденип жаткан мезгил аралыгындагы өзгөрүүлөрдүн себептерин мүнөздөп берет.

*Өлкөнүн таза эларалык инвестициялык позициясы* ошол өлкөнүн дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшү тенденциясын жана абалын аныктоо үчүн пайдаланылат.

Таза эл аралык инвестициялык позициянын өлкөнүн ресурстары менен анын башка мамлекеттердин алдындагы карыздын ортосундагы катышты мүнөздөгөн терс же оң белгиси өлкөнүн “таза кредитор” же “таза карызкор” катары статусун аныктайт, ал эми мунун өзү, мамлекеттин экономикалык саясатын иштеп чыгууда маанилүү ролду ойнойт (экономикалык туруктуулук программасын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын каржылоо керектөөсүн аныктоо).

Таза лл аралык инвестициялык позицияны эсептөө маанилүү макроэкономикалык позицияга - улуттук байлыкка баа берүүгө мүмкүндүк берет, ал эми анын өлчөмү таза эларалык позицияны жана өлкөнүн финансылык эмес активдеринин өлчөмүн кошуу жолу менен аныкталат.